

4 Евродой валюта киргизүү – учурдун талабы

9 Алия жана кошуна ханбийкелер



# САРЕСЕП

7-апрель, 2016-жыл
№13 (46)
saresep.kg
Калыс көз караш!

# Дүйнөлүк тендерлерге катышсак болот




5-бетте




Турак жай алуу төбөлдөргө гана буйруган

6-бетте



Бишкекте токтогон согуш кайра тутанды

10-бетте




Мамлекеттин көз карандысыздыгы сатылууда

16-бетте




GREEN CITY
eco hotels & resorts

Green City мейманканасы
бир орундуу бөлмөлөр,
эки орундуу бөлмөлөр,
КОНФЕРЕНЦ ЗАЛ
ресторан, бизнес ланч
Тынчтык пр., 16
+996 312 87 87 50
+996 559 87 87 50

Green City мончосу
түрк хамамы, орус мончосу,
туз камерасы, бассейн, массаж,
балыктар менен пилинг,
жаш балдар бөлмөсү ж.б.
Исакеев көч., 2а
www.greencity.kg



+996 312 89 67 67
+996 550 89 67.67
+996 701 79 67 67

# Кыргызстандын окуучулары Малайзияда 5 алтын медалга ээ болушту

2016-жылдын 1-3-апрелинде Малайзиянын Пенанг шаарында Malaysian International Young Inventors Olympiad (MIYIO) олимпиадасы (Эл аралык жаш ойлоп табуучулардын олимпиадасы) болуп өттү. Олимпиадага дүйнөнүн 12 өлкөсүнөн окуучулар катышты.

Кыргызстандын атынан "Себат" эл аралык билим берүү мекемесинин Кадамжайдагы "Семетей" лицейинин, Ош шаарындагы "Себат" кыздар лицейинин, Ош шаарындагы "Сема" лицейинин, Кызыл-Кыя шаарындагы И.Раззаков атындагы лицейинин, Токмоктогу Ж.Баласагын атындагы лицейинин жана Бишкек шаарындагы Ч.Айтматов атындагы балдар лицейинин окуучулары катышты. Олимпиаданын жыйынтыгы боюнча кыргыздар 5 алтын, 6 күмүш жана 13 коло медалдарга ээ болуп кайтышты.

Malaysian International Young Inventors Olympiad (MIYIO) олимпиадасы Малайзия билим берүү министрлиги тарабынан уюштурулган. 2016-жылы бул сынакка 216 долбоор катышкан. Бул олимпиадага Кыргызстандын командасы 24 долбоор менен аттанган.

Эл аралык «Себат» билим берүү мекемеси Бишкек шаарында Олимпиада борборун, Эл аралык мектеп жана Улуттук гимназияны камтыган «Билим берүү комплексинин» курулушу башталганы тууралуу маалымдайт. Курулуп жаткан олимпиадага даярдоо борборунда келечекте окуучулар дүйнөлүк олимпиадаларга даярданмакчы.




# Мамлекет «откат» берип сатып алат

Мамлекеттик сатып алуу конкурстары өткөндөн кийин жаңы баалар коюлат. Бул тууралуу мониторингдин координатору Иван Дробитько билдирди.

"Сатып алуулар боюнча конкурста баа коюлгандан кийин "откаты" менен кошо баалар кайрадан такталат. Эмнелер, качан сатылып алынганы тууралуу маалыматтар берилбейт. Акча каражаттары тууралуу да маалыматтар берилбейт. Тартип бузуулар байкалса, Мамлекеттик сатып алуулар Департаменти тендерди токтотуп койгону чейин кирише алат. Департамент азырынча бул укугун колдоно элек. Сатып алуулар боюнча тартип бузууларга Департамент катаал чараларды көрө элек.

Кээ бир сатып алууларда сатып алуучу мекеме менен саткан тарап сүйлөшүп алгандай көрүнөт. Андан сырткары, сатып алуучу мекемелердин 60 пайызы мыйзамды аткара элек. Текшерүү үчүн тендердин документтери талап кылынганда мамлекеттик органдар убакытты чоюшат же туура эмес документтерди көргөзүшөт. Кээде документтерди атайын көрсөтпөй жаткандай туюлат. Демек мунун артында жашыра турган бир нерселер болушу мүмкүн.




Казыначылыктын тиешелүү бөлүмүнүн маалыматы боюнча бардык сатып алууларга бюджеттен 134 млрд. 400 млн. сом бөлүнгөн. Мындай маалымат бар экенин жарандардын 40 пайызы билбейт. Сатып алуулардын жыл башында бекитилген планы жок. Көбүнүн пландары электрондук сатып алууларды эсепке албай, эски критерийлер менен толтурулган", – деп түшүндүрдү Иван Дробитько.

# Эркектин көбү айылда

Кыргызстанда эркектер аялдарга салыштырмалуу 1 пайызга азыраак. Бул тууралуу Улуттук статкомдун сайты маалымдайт.

Жыл башына караганда өлкө калкынын жалпы саны 6 млн. 29 миң 480 адамды түзгөн.

Кыргызстандагы эркектер жалпы калктын санынын 49,5 пайызын түзөт. Ал эми эркектердин 67,7 пайызы элет жергесинде жашары да белгиленген.

Кыргызстан жарандарынын жалпы саны 6 019 480. Эркектердин саны 2 980 894 (49,5%), аялдардын саны 3 038 586 (50,5%). Шаар жериндеги эркектердин саны 963 137, аялдардын саны – 1 066 420. Элет жергесиндеги эркектердин саны 2 017 757, аялдардын саны – 1 972 166.



# WhatsApp-ыңа башкалар кире албайт

WhatsApp мессенджери америкалык Facebook корпорациясына тиешелүү болуп саналат. 5-апрелден тарта бул корпорация өзүнүн колдонуучуларына бүткөрүлгөн шифрдик мүмкүнчүлүктү бере алды. Бул тууралуу сервистин негиздөөчүлөрү Ян Кум жана Брайан Эктон компаниянын блогуна жазышкан.

Компанияда белгилешкендей, WhatsAppты колдонгон миллиарддаган адамдардын кабарларынын мазмуну кабар жиберүүчүгө жана кабар алуучуга гана белгилүү болот.

«Сиз жиберген кабарды бир гана адам же болбосо чаттагы топ гана биле алат. Эч ким сиздин маалыматыңызды ача албайт. Эч кандай кибер кылмышкерлердин да, хакерлердин, зулум бийликтин да сиздин сырыңызды бузуп киргенге алы келбейт», – дейт Ян Кум.

Маалыматтагы коргоо жеке жана топтук чаттарга тарап, жиберилген үндүк чалуулар, фотолор, видеоматериалдардын коопсуздугу сакталат. Шифрлөөнүн мындай ыкмасы мындан ары WhatsAppты колдонуучулардын бардыгына жеткиликтүү болот. Алар болгону месенджерин акыркы версия менен гана жаңылап алышы керек.






## Кепинде чөнтөк бар окшойт

2010-жылдын 7-апрелинен кийин кары-жаш дебей Ата-Бейитке агылып жөнөдүк. Кылкылдаган эл чөйчөктөй жерди бир заматта толтурду. Улам бир адам чыгып, жалындуу сүйлөп жатты. Шейит кеткендердин жаназасын Кыргыз Ислам университетинин ректору Абдышүкүр Нарматов устаз окумакчы болду. Жаназага турар алдындагы анын: «Бул балдардын өмүрү колдун кири байлык, көңүлдүн кири бийлик үчүн кетти. Балдарды аткандар да бул дүйнөдөн бир үзүм матага оролуп кетет. Жыйган мал-мүлкү башкаларга калат. Кепиндин чөнтөгү жок!» – деп жүрөктү сыздатты.

Азыр кыргызстандыктар чыныгы эгемендикке Аксы, Бишкек – 2005 жана Кыргызстан – 2010 деген үч ашуудан ашып келди деп атабыз. Бирок 2015-жылкы парламенттик жана быйылкы марттагы жергиликтүү шайлоолордо элдин таза бийлик келерине көзү жетпей бараткансыганы билинди. Анткени добуштар чекене да, дүңүнөн да сатылды. «Айран жокто максым бар, Айдар жокто Максим бар» дегендей, биз чын жүрөктөн сыйлаган азыркы Ажобуздун машинелерди арыбери зуулдаткан бакма балдары көп сыяктуу.

Элдин мүлкүн атасыныкындай аймаган арам кекиртектер Кыргызстанды эле эмес, дүйнөнү тажатты. Тажаган дүйнө алардын булуң-бурчка каткан мал-мүлкүн «Викиликс», «Панамалык документтер» сыяктуу аттар менен ашкерелей баштады. Жакында биздин куу кекиртектердин да саңырсыган издери чыга баштайт болуш керек. Буларды карап туруп кепиндеринин да чөнтөгү бар го деп ойлоп кетесиң. Же жетим-жесирдин оозунан жула качкан акчаларын курсактарына тыга кетишеби?

Жаз менен келген кайгылуу «майрам ээлерине» Жараткандан Бейиш тилейбиз. Жаткан жериңер жайлуу, топурагыңар берекелүү болсун! Элибизге болсо Кудайдан зээн жана сезим тазалыгын тилейбиз.

Гезит ээси - ЖЧК "Горизонт Медиа"
Юстиция министрлигиндеги катталуу номери - 1925

САРЕСЕП

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Насыпбек Асанбаев, Эдил Айдаров, Эсен Өмүракунов

**Жоопту редактор:** Насыпбек Асанбаев
**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Акылай Туткучева, Рахат Акматова

**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com
**Медиа жана жарнама:** Эдил Айдаров
Тел.: (0312) 45 48 68, (0703) 73 82 31
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru

**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 45-48-68, (0555) 20-45-71
**WWW.SARESEP.KG**
**Facebook:** Саресеп гезити

**Нускасы: 6500**
**Буйрутма № 790**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалганды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.

# Чакан ГЭС салууга жер беришпейт

**Кыргызстанда чакан ГЭС салуу максатында тыштан келген жана өлкөнүн ичинен чыккан көп инвестор бар. Бирок так ошол ГЭС курула турган жерлер жеке менчикке өтүп кеткен. 2-3 жыл мурун эле бул жер тилкелери бош, ээси жок болчу. Маалымат кантип жеткени белгисиз, Жоопкерчилиги чектелген коомдор (ЖЧК) чакан ГЭС курууга ылайыктуу жер тилкелерин жакында эле сатып алып коюшкан. Азыркы учурда бир эле ЖЧК ондогон жердин кызыл китебин басып отурат. ГЭС куруу үчүн сатып алайын десең эрдин кунун сурашат. Ушундан улам мындай жеке басарлардын таңгактап чогулткан кызыл китебин жокко чыгарыш үчүн соттошуш керекпи деген ой туулат. "Инвестор жер маселесин чечкенге чейин күтө алабы?", - деп** Бизнес ассоциацияларынын улуттук альянсынын **жана** Чакан ГЭСтер ассоциациясынын төрайымы Эльвира Боромбаевага **кайрылдык.**



– Жер маселеси абдан орчундуу маселе. Жадакалса, Орус "РусГидро" компаниясынын Кыргызстандагы ишин токтотуусунун себеби каражат тартыштыгынан сырткары жер спекуляциясы болду. Мисалы мага бирөөлөр телефон аркылуу жер сатуу боюнча кайрылышты. Бир тоонун алдындагы сууда жайык жер бар экен. Анысы көп болсо 60 сотка жер. Менин эсептегеним боюнча баасы 28 миң доллардан ашпайт. Алар чалып, чакырган соң мен инженерлерди алып жердин ээлери менен жолугушууга барсам, алар менден 3 млн. доллар талап кылышты! Биз салалы деп жаткан чакан ГЭС өзү анча турбайт. "Силер тамашалап жатасыңарбы, же 3 млн. сом деп жатасыңарбы" десем, "жок эже, сом эмес доллар" дешти. Мен "бул жерди 20 миң долларга сатып алайын деп келдим" десем, алар жаман болуп кетишти. Азыркы учурда ушундай жагдайлар региондордо көп кездешет. Чакан ГЭСке жер бөлүү боюнча биз көп жолу маселе козгогонбуз. Бирок өкмөт эч кыймылдагысы келбейт. Маселеге тиешелүү жоболорду биз менен кеңешпей туруп чала-була токуп коюшат. Бул документтер менен чиновниктер эмес биз – ишкерлер иштейбиз. Ошол себептен андагы көйгөйлөрдү да биз жакшыраак билебиз. Документтердин барын карап, иштеп береличи десек да болбой коюшту. Тиешелүү мамлекеттик органдар ал документтердин өзгөрүүсүн каалабайт окшойт.

# Каралардын согушун мамлекет тыя алабы?


**Кечээ Алматы-Чүй көчөсүнүн кесилишинен Сакал аттуу крим авторитеттин тобундагы бала атылды деп айтылууда. Негизи эле Кыргызстанда крим төбөлдөрдүн согушу болуп жатат деген сөздөр да бар. Ушундан улам «Крим төбөлдөрдүн согушун басууга мамлекеттин алы жетеби?» деген суроо менен Семетей Талас уулуна кайрылдык.**



– Ошол атылган баланы кримчөйрөдө "Ахиллес" деп коюшат экен. Өз аты Асылбек Дүйшеев, азыр ооруканада жатат. Асылбек атылгандан бир күн мурда Жаш гвардия менен Ленинград көчөсүнүн кесилишинен "Мазда" үлгүсүндөгү автоунаадагы адамдар "Мерседес" үлгүсүндөгү унааны кууп келип токтотуп, аткылашкан. Бул маалымат азыр эч жерде чыкпай жатат. Маздадагы Сакалдын балдары болсо керек деп ойлойм. Мерседесте Камчы Көлбаевдин тобунун мүчөлөрү отурса керек. Унаанын ичиндеги адамдар өлүү же тирүү экени да белгисиз. Анткени менен ошол жерде атышуу болгону чын. Чүй-Алмата көчөсүнүн кеслишинде болгон атышуу болсо мурдагы күнкү атышууга жооп болушу мүмкүн. Албетте, мамлекет бул нерселерди тыюуга күчү жетет. Крим авторитеттердин ортосундагы талаш маселе болсо шаардын ортосунда эмес, шаардын чет жагындагы айрым крим өкүлдөрдүн үйлөрүнүн айланасында боло бериши мүмкүн. Эгер булардын чыр-чатагына сырткы криминал күчтөр кийлигишип жаткан болсо, анда мамлекет буларга эч нерсе кыла албайт. Себеби аларды кармашат, бирок чыр-чатактар уланып чыга бериши мүмкүн. Бул маселе жөнүндө айтыш кыйын болуп жатат. Эгерде эки тарапты тең түрмөгө камап баштаса, анда экөө тең токтосо керек. Кыргызстандан билинбегени менен криминалдык дүйнөдө чоң акча айланат да. Ошол нерсенин айынан талашуу болуп жаткан болсо, сырткы криминалдык топтордун бирөөсү Сакалды колдоп, экинчиси Көлбаевди колдоп жаткан болсо, анда абал кыйыныраак. Өткөндө Сакалдын негизги балдарын Рысбек Акматбаевге каршы баш көтөрө калчу Алмаз Бокушевдин уюшкан кылмыштуу тобу түзөт деп айттым эле. Сакал убагында Алмаздын эң ишенимдүү жигиттеринен болчу. Азыр "вор в законе" болгонуна карабай Бокушевдин таасиринен чыга албайт. Камчыны акыркы убакта өзүнүн балдарынан сырткары 15-20 бала кайтарууга алып жүрөт.

# Кризис аткезчиликти жоюуга жол бербейт

**Кыргызстан ЕАЭБдин мүчөсү болуп таанылгандан тарта өлкөгө аткезчилик жолу менен кирген товарлардын саны арбыды. Анын жыйынтыгында соңку 3 айда эле бюджетке 1 млрд. 200 млн. сом кошумча салык түшпөй калган. Ушундан улам айрымдар арзан кирген товардын баасы карапайым калкка ыңгайлуу дешсе, ошол эле учурда бул мамлекеттин бюджетине жана анын экономикалык абалына урулган чоң сокку дегендер да арбын. "Негизи эле аткезчилик жолу мамлекеттин келечегине кедергисин тийгизеби? Аны кантип алдын алса болот?" деген суроого** УКМК-нын төрагасынын мурдагы орун басары Артур Медетбеков **жооп берет.**



– Ачыгын айтсак, Кыргызстандын ЕАЭБден алган өзүнө тиешелүү пайызы өтө чоң. Бирок акыркы убактардагы Орусияга коюлган чоң деңгээлдеги экономикалык санкция бизге, биримдиктин мүчөлөрүнө дагы өз залалын тийгизди. Ал эми чек арадан аткезчилик жолу менен же арзан көрсөтүлүп кирип жаткан товарлар кийин көптөгөн кыйынчылыктарды алып келиши мүмкүн. Анткени, биринчиден коррупцияны өркүндөтсө, экинчиден бүгүнкү күнү Кыргызстандын бюджети кубантарлык эмес. Акыр түбү көптөгөн социалдык тармактардын курулушун жана анын өнүгүшүн токтотушу мүмкүн. Анткени байлык тыйындан куралат дегендей, бюджет дагы ушундай тармактардан байыйт да. Анан ар жагынан кемий берсе албетте, бюджетти толтуруу өтө кыйын болуп калат. Бара-бара өлкөбүз жарды мамлекетке айланып кетиши мүмкүн. Кыргызстанда каатчылык болуп турганда, аткезчиликтин алдын-алуу өтө кыйын. Себеби коомчулукта, элде акча тартыш. Сатып алуу мүмкүнчүлүгү өтө эле аз. Албетте, чек арада дагы көзөмөл болушу керек. "Ошол арзан көрсөтүлүп кирип аткан товарлар калкка канчалык керектүү? Анын базардагы потенциалы кандай? Ошол эле товардын Кыргызстанда өндүрүлгөн аналогу барбы? Болсо эки товардын айырмасы кандай?" деген суроого бир сыйра анализ жүргүзүү зарылдыгы бар го дейм. Ошол анализдин негизинде иш кылса болмок.

# Диний билим берүү бала-бакчадан баштылышы зарыл

**29-марттан баштап 3-апрелге чейин Бишкекте орто билим берүү менен Бишкек жана Кыргызстан епархия мектептери арасында "Кудайдын мыйзамы", "Православ дининин негизи", кыргыз, орус тили жана адабияттары, математика сабактары боюнча Ыйык-Воскрестик кафедралдык чиркөөдө олимпияданын 2-туру болду. Кыргызстан калкынын 85 пайызы мусулман болгонуна карабай, өлкөбүздө жогорудагы епархия мектеби сыяктуу мусулман диний мектептери жок. Ошондой эле мусулман маданияты, дини туралуу олимпиадалар өткөрүлбөйт. "Мындай көрүнүштүн себеби эмнеде болушу мүмкүн?" деген суроо менен ыймандуу, мекенчил улан-кыздарды тарбиялоо максатында ачылган** "Кутбилим" окуу тарбия комплексинин мүдүрү Талай Бекмырзаевге **кайрылдык:**



– Биздин баамыбызда буга динибиз жөнүндө ой-пикирлерди ишке ашыруу боюнча иш алып бара албаганыбыз себеп болууда. Негизи Билим берүү министрлиги бул темада кызыкдар болуш керек эле. Тагыраак айтканда, мамлекеттик-саясий деңгээлде жүрүп жаткан пикирди синтездеп, "кайсы жерден, кандай баштасак" деген суроонун үстүндө иштеши керек болчу. Расмий эмес маалымат булактардан укканыбыз боюнча, Билим берүү министрлиги диний билимди билим берүү тармагына аралаштырбоо керек деп жатышат. Жакшылап, терең ойлоно турган болсок, чынында эле калкыбыздын 85 пайызын мусулмандар түзгөн өлкөдө эмне үчүн руханий байлыкты өстүрүү маселеси бала-бакчадан, мектептен эске алынбайт? Себеби бул практика жүзүндө дүйнөдө кеңири таралган көрүнүш. Биздин тажрыйбабыз боюнча динибизди бала-бакчадан үйрөтө баштасак жакшы болмок. Себеби ар бир атуулубуз дүйнөлүк окуяларды карап отуруп: "Балам ушундай нерсеге туш болуп калбайбы?", "Балам туура эмес жолго түшүп кетпейби?" деген коркунучта жашайт. Демек биз билим берүү жааты бул маселелерди ойлонуп, жарандарга шарт түзүп беришибиз керек. Себеби ыймандуу бала мекенчил, өлкөсүн ойлогон жаран болот.

# Евродой валюта киргизүү – учурдун талабы

Көз карандысыз мамлекеттердин экономикалык биригүүсү учурдун талабы. ЕАЭБди түзүүгө аргасыз болгонубуздай эле, бул уюмдун алкагында бирдиктүү валюта киргизүүдөн башка аргабыз да жок

Учурда Кыргыз Республикасынын Евразиялык экономикалык биримдикке (ЕАЭБ) киргени туура болдубу, же туура эмеспи деген кызуу талаш бар. Албетте, бул уюмдун ичинде бирдиктүү валюта киргизүү боюнча да кайчы пикирлер айтылууда. Ошондон улам бул макаланы жазуу ниети пайда болду. Бирдиктүү валюта киргизүү үчүн өлкөлөр кандай этаптарды басып өтүүсү керек? Бул суроого туура жооп табуу үчүн Батыш Европанын аймагында толук кандуу иштеп баштаган евронун кыскача тарыхын карап чыксак жакшы болот.

Менин баамдоом боюнча ЕАЭБди түзүү сыяктуу эле, бул уюмдун алкагында бирдиктүү валюта киргизүүдөн башка арга жок. Анткени барган сайын тездеп бара жаткан дүйнө чарбасында аймактык бирикмелер экономикалык *глобалдашууга** каршы болгондой көрүнгөнү менен, чынында дүйнө экономикасынын биригүүсүн тездеткен уюмдар катары иш алып барууда. Өнүгөм деген мамлекеттердин дээрлик баарысы ушул жол менен илгерилеп баратат. Алар Евробиримдик, Түндүк америкалык эркин соода уюму (ТАЭСУ) сыяктуу түрдүү бирикмелерди түзүүдө. Көз карандысыз мамлекеттердин экономикалык биригүүсү учурдун талабын ишке ашырган зарылчылык деп айтсак жаңылбайбыз.

## Транзитал, алтын же евразбы?

2015-жылдын 1-январынан баштап ЕАЭБ буга чейин түзүлгөн Бажы Биримдигинин ишин улаган уюм болуп калды. Учурда ЕАЭБге Орусия Федерациясы, Белорус, Казакстан, Армения жана Кыргызстан кирет. ЕАЭБдин алкагында товардын, кызмат сунуунун, капитал жана жумушчу күчүнүн эркиндиги камсыздалган. Экономика тармактарында биргелешкен, макулдашкан бирдиктүү саясат жүргүзүү каралган. Бирдиктүү евразиялык валюта киргизүү – ЕАЭБдин *монетардык интеграциясынын** жыйынтыктоочу кадамы болмокчу. ЕАЭБдин алкагында түзүлчү бирдиктүү каржы аймагы региондогу туруктуулукту камсыздоого жана башка экономикалык уюмдар менен кызматташууга экономикалык жактан жагымдуу жагдай калыптамакчы.

«Г-Глобал» долбоорунун алкагында Казакстан бирдиктүү евразиялык валютага «транзитал» деген ат коюуну сунуштады. Бул акча бирдигин «алтын» жана «евраз» деп атоо да сунушталууда. Жаңы акча кандай аталбасын ал Евробиримдиктин евросу сыяктуу бирдиктүү монетардык саясаттын бир бүтүмү болуусу керек. Аны Алматы шаарында жайгашат деп пландалып жаткан ЕАЭБдин Борбордук банкы жүргүзмөкчү.

Бирок Евробиримдик менен анын бирдиктүү валютасы басып өткөн жолду карап отуруп, Аймагында «евраз» же «алтынды» киргизүүдөн мурун ЕАЭБдин бир нече экономикалык баскычтарды басып өтүүсү шарт. Тактап айтканда, бул үчүн экономикалык саясаттын валюталык, салыктык, бюджеттик, каржылык жана насыялык тармактары бирдиктүү иштеп баштоосун камсыздоо зарыл. Мунун баары ЕАЭБдин алкагында башында бирдиктүү базарды, андан соң экономикалык жана саясий биримдикти калыптоо үчүн ишке ашырылат. Бул өз учурунда биримдикке кирген мамлекеттердин улуттук валюталарын бирдиктүү акчага алмаштыруу аркылуу алардын каржы системасынын туруктуулугун камсыздайт. Биригип жаткан мамлекеттер бирдиктүү валютаны киргизүү үчүн экономикалык көз-карандысыздыгынын белгилүү бир бөлүгүн курмандыкка чалууга даяр болуусу керектигин алдын-ала билиши керек.

ЕАЭБге кирген мамлекеттердин бирдиктүү валюта киргизүү мөөнөтү да талаш маселе. Ачык айтканда, серепчилердин бул маселе боюнча ойлорун салыштыруу да кыйын. Шашылгандар бир-эки жылда кириш керек десе, калганы бул мөөнөттү ондогон жылдар бою чойгондо даяр.

Бирдиктүү валютаны киргизүү мөөнөтүн кантип эсептеп чыкса болот? Бул суроого реалдуу жооп бериш үчүн ушундай эле дүйнөлүк валютага айланган еврону киргизүү тажрыйбасы менен жакшылап таанышып чыгуу керек. Мындан сырткары, башка жамааттык валюталарды негиздөө аракеттерин да бир сыйра карап чыксак ашыкча болбойт.



## Еврого жеткирген узак жол

Батыш Европанын валюталык интеграциясы Евробиримдиктен бир топ мурун калыптана баштаган. Аны түзүү боюнча кол коюлган «Рим келишимине» чейин эле Франция, Италия, Белгия, Нидерланд жана Люксембург арасында ондогон жылдар бою көп кылруу *валюталык компенсация** боюнча макулдашуулар иштеп келген. Бул макулдашууга 1947-жылы Батыш Германия да кирген. 1948 жана 1949-жылдары Батыш Европанын базар экономикасын кабыл алган 17 мамлекет арасында төлөмдөр жана компенсациялар тууралуу макулдашууларга жараша иш алып барылган. Ичинде товарлардын, капиталдардын жана валюталардын адилеттүү атаандаштык жана теңдик шарттары түзүлгөн экономикалык жана валюталык биримдик калыптангандан кийин гана чыныгы валюталык интеграция башталат.

Мындай кеңири биримдик түзүүнүн аракети биринчи жолу 1960-жылдардын аягында башталган. Анда Евробиримдикке мүчө мамлекеттер 1980-жылга чейин экономикалык жана валюталык биригүүнүн кадамдарын аныктап чыгышкан. Бул программаны иштеп чыгуу убагында Франция баш болгон «монетаристтер» менен Германия Федеративдүү Республикасы (ГФР) башчылык кылган «экономисттердин» талашуусу күч алган. Франция тарап бекитилген валюталык курстардын негизинде валюталык биримдик түзүү керек десе, ГФР тарап валюталардын ийкемдүү курстарына негизделген экономикалык биримдикти калыптоо керек дешкен. Бул пикир алмашуулардын натыйжасында 1969-жылы Гаага шаарында Евробиримдик өлкөлөрүнүн өкмөт башчылары бир эле убакта экономикалык да, валюталык да биримдикти түзүү чечимин кабыл алышкан. 1971-жылдын 22-мартында Евробиримдиктин Министрлер кеңеши 10 жылдык, 1980-жылга чейин эсептелген «Вернер планы» деп аталган долбоор кабыл алышат.

«Вернер планы» боюнча 1971-1976-жылдары валюталык курстардын өйдө-ылдый болуусу ±1,2% менен чектелмек. Андан кийин ал 0%га түшмөк. Бул жылдар аралыгы валюталардын толук бири-бирин алмаштыруусу, бирдиктүү валюталык саясаттын негизинде экономикалык, каржы жана акча-кредиттик саясаты макулдашылмак. 1977-1979-жылдары өлкөлөрдүн өкмөттөрүнүн бир нече ыйгарым укуктары улуттук мамлекеттерден жогору турган Евробиримдиктин органдарына тапшырылмак. Ушул эле убакта валюталык курстарды биротоло бириктирүү максатында бир убакта аныкталып жана бекитилген экономикалык үлүштөргө негизделген европалык валюта ишке киргизилмек.

## «Вернер планынын» кыйрашы

«Вернер планы» боюнча Евробиримдиктин бирдиктүү бюджеттик системасы пландалган. Мындан сырткары, банктардын иштери жана банктарга тиешелүү мыйзамдар талапка ылайык жакшыртылмак. Валюта-каржы көйгөйлөрүн чечүү үчүн бирдиктүү борбор түзүлмөкчү болгон. Каржы-насыя жана валюталык саясатты жайгаруу үчүн АКШнын Федералдык резерв системасы сыяктуу мекеме түзүү максатында Евробиримдиктин борбордук банктары бирикмек.

Биригүү жолунда бир нече кадам тыштоого шарт түзгөнү менен «Вернер планы» ишке ашкан жок. Бул натыйжасыздык Евробиримдиктеги келишпестиктерге байланыштуу болду. Улуттук көз-карандысыздык менен валюта-кредиттик маселелерди Евробиримдиктин борборунан башкаруу аракеттеринен пайда болгон араздашуулар, биримдикке кирген өлкөлөрдүн экономикаларынын ар түрдүү деңгээлде болуусу, 70-80-жылдардагы экономикалык кризистер да аты аталган пландын ишке ашуусуна тоскоол болгон. Евробиримдикке кирген мамлекеттердин арасындагы жакындашуу процесстери өткөн кылымдын 70-жылдардын ортосунан 80-жылдардын ортосуна чейин токтоп калган.

***(уландысы бар)***

Каржы боюнча эксперт
МУРАТ КОЙЛУБАЕВ

### Экономикалык терминдер

**Глобалдашуу** – дүйнөнүн экономикалык, саясий, маданий жана диний жактан биригүү жана окшошуу процесси;

**Валюталык интеграция** – акча-каржы тармагын тескеген мамлекеттер аралык бирдиктүү уюмдар аркылуу экономикалык саясат жүргүзүү;

**Монетардык саясат** – өкмөттүн акчанын көлөмүн азайтуу же көбөйтүү аркылуу макроэкономикалык шартты жөнгө салуу куралы;

**Валюталык компенсация** – мамлекет аралык төлөмдөрдүн тең салмактуулугун камсыздоо үчүн жүргүзүлгөн өз ара карыз жоюшуулар;

# Дүйнөлүк тендерлерге катышсак болот

Кыргызстан ДСУ (Дүйнөлүк соода уюму) жана ЕАЭБ (Евразия экономикалык биримдиги) өңдөнгөн ири соода уюмдарына мүчө. Бирок мындай уюмдардан пайда көрүүнү өлкөбүз азырынча өздөштүрө элек. Эки уюмдун тең өзүнө тиешелүү талаптары болгондой эле мүмкүнчүлүктөрү дагы бар. Бирок Кыргызстан биринин талабынан алыстай албай жатып, экинчи уюмдун (ДСУнун) мүмкүнчүлүктөрүнөн ажырап калууда

Экономикалык серепчилер ДСУ койгон талаптар менен милдеттенмелерди Кыргызстан аткарбай жаткандыгы үчүн акчалай компенсация төлөшү мүмкүн экенин айткан. Анткени 20 жыл илгери эле өлкөбүз аталган уюмга мүчө болуп, анын мүмкүнчүлүктөрүн колдонуу менен бирге, шарттарын дагы аткарууга кол койгон.




## Тарифтер бирдей болуусу тийиш

**Кыргызстандын АКШдагы мурдагы элчиси Мухтар Жумалиевдин** пикиринде Кыргызстан 20 жыл ичинде топтогон жетишкендигинен ажырап калбоосу керек. Анын айтымында ДСУга мүчө болгондон тарта өлкөдө эркин соода экономикалык абал калыптана баштаган. Ушундан улам Кыргызстан дагы Казакстанчылап ДСУнун талаптарына таянып, тарифтик төлөмдөрдүн деңгээлин бекемдеп алса болмок.

– Казакстан Дүйнөлүк соода уюмуна киргенден кийин өзүнүн салык системасын биздин мурдагы, ЕАЭБге кире элек учурдагыдай кылып алды. Ошондуктан бизге кирбеген товарлар азыр Казакстанга "Хоргос" аркылуу кирип, казактар мурда бизден алган товарларды, азыр биздикилер Казакстандан ала башташты. Ошону биз түшүнүп, Казакстан кандай шартта Дүйнөлүк соода уюмуна киргенин иликтеп чыгышыбыз керек. Анан бул жерде адилетсиздик болуп жатат. ЕАЭБдин мүчөлөрүнө бирдей шарттар түзүлүшү керек эле. Маселен, бизде тариф кандай болсо, аларда дагы ошондой болушу керек. Базар бурмаланбоосу тийиш. Кыргызстан ДСУ мүчөлөрүнүн ичинде базар көлөмү төмөн болгондуктан азырынча алар айрым бузулган талаптарды байкай элек, көңүл бура элек. Бирок жакын арада кандайдыр бир чара колдонушу мүмкүн.

## Кыргызстан IT технология тармагында мүмкүндүгү чоң

Жумалиев ДСУда биз колдонмок тургай, билбей келген бизнеске ылайык көп мүмкүнчүлүктөр бар дейт. Анын айтымында Кыргызстан ДСУнун башка мүчөлөрү сыяктуу эле мамлекеттик сатып алууларга катыша алат.

– ДСУда мамлекеттердин эсебинен сатып алуулардын жалпы суммасы 360 млрд. долларды түзөт. Уюмга мүчө болгон 56дай өлкө мамлекеттик сатып алууларга катышат. Биз дагы уюмдун мүчөсү болгондон кийин, мындай тендерлерге катышууга толук укугубуз жана мүмкүндүгүбүз бар. Бул жерде биздин 3 тармактын шансы чоң. Курулуш, тигүү жана IT технология тармактары. Маселен, Швейцария жаңы web сайт иштеп чыгууга тендер жарыяласа, аны Кыргызстандык компаниянын утуп алышы толук мүмкүн. Анткени бизде жашоо арзан болгондуктан, сайтты ушул жактан эле иштеп чыга берсе болот. ЕАЭБде дагы ушундай мүмкүнчүлүктөр бар. Биримдикке мүчө болгон жаран ЕАЭБдин аймагында каалаган бизнесин жасап, кызматын көрсөтө берсе болот.

## Казакстан күйүүчү май ташыганга жол бериши керек

Чынында эле, айрымдар ар кыл жолдор менен ар кандай бизнес жасоого өттү. Белгилүү болгондой, бажы биримдигине мүчө болгондон тарта кыргыз-казак чек арасында биримдикке мүчө өлкөлөрдөн келип жаткан товарларга бажы көзөмөлү алынган. Бул коңшу өлкөлөрдөн аткезчилик менен күйүүчү май, ун, шекер жана башка күнүмдүк тамак-аш ташыгандардын чырагына май тамызды.

**Экономист, серепчи Жумакадыр Акенеев** Казакстан кыргыз ишкерлерине мыйзамдуу түрдө күйүүчү май ташуусун тыюу салып койгонунан улам аткезчилик келип чыгууда деген оюн айтты.

– Аткезчиликтин агымын эч кандай жол менен токтото албайбыз. Анткени баада өтө эле чоң айырма бар. Казактар 6 жыл мурун эле мыйзамдуу мунай ташууга тыюу салган. Б.а. биздин мунай трейдерлер мыйзамдуу түрдө күйүүчү май ташый албайт. Муну эки өлкөнүн жетекчилери сүйлөшүп чечиши керек. Канткен менен биз бир өнөктөштүккө мүчөбүз. Бажы көзөмөл алында делгени менен Казакстан "Кыргызстанда терроризм, экстремизм көйгөйү күчөдү" деген сыяктуу шылтоолор менен чек арадагы көзөмөлдү күчөтүлгөн режимде кармап турат. Болбосо, биримдикке киргенибизге туптуура сегиз ай болуптур. Бул убакыт сегиз күн эмес да. Атайын ошол бажы көзөмөлүн тандап, ишти жөнгө салып кетиш үчүн атайын тендер жарыялап, оңбогондой акча бөлүнгөн.

## "Аткезчилик" деген терминди колдонуу өзү орунсуз

Бирок **Жогорку Кеңештин депутаты Мирлан Жээнчороевдин** айтымында аткезчилик деген юридикалык терминдин өзүн колдонуп жатканыбыз орунсуз. Анткени аткезчилик башка өлкөлөрдөн бажы көзөмөлүнөн жашыруун товар ташуу дегенди билдирет. Бүгүн ишкерлер айдан-ачык эле атайы талон толтуруп, товар ташууда. Бирок ошол талонду толтурууда чийкилик чыгышы мүмкүн.

– Ортодогу бажылар алынган соң, ЕАЭБдин бардык мүчөлөрү бир экономикалык округда жана өнөктөштүктө жашап калат. Бул ушул өлкөлөрдө өндүрүлүп жаткан өндүрүм бири-биринин аймагына бажы төлөмдөрү жок эркин кирүүгө тийиш дегенди билдирет. Эгер кайсы бир мамлекет товарлардын эркин кирип чыгуусуна тоскоолдук жасаган болсо, анда ал өзү келишимде кол койгон эрежелерди сактабаган болот. ЕАЭБдин эрежелерине жараша атайын товарлардын аттары бекитилген. Ошол товарларга бажы салыгы алынбашы керек. Өкмөт мындай өндүрүмдөрдүн сапатын текшерүүчү лабараторияларды куруп берсин.

ТАШМАТ ЭРМАТОВА



## Салык менен бюджет толтуруу ниети ишкерлерди ооздуктайт

Өлкөбүз Евразия өнөктөштүгүнө кошулгандан бери ЕАЭБге мүчө өлкөлөрдүн товарлары чек арадан кирген учурда арзан көрсөтүлүп, натыйжада акыркы үч айда бюджетке 1 миллиард 200 млн сом нарк салыгы түшпөй калган. Мындан улам Өкмөт салык кодексин Евразия экономикалык биримдигинин шарттарына ыңгайлаштырып, кодекске өзгөртүүлөрдү киргизүүнү ойлонуштуруп жаткан чагы.

**Мурдагы экономика министри Эмил Үмөталиев** салык салуу системасын орустар иштеп чыккандыктан өкмөт мындай жыйынтыкка таң калбай эле койсо болорун айтат.

– Эми мындай болору мурдатан эле эскертилген болчу. Ошондуктан бул жерде эч кандай жаңылык жок. Себеби биз бажы союзуна киребиз дегенде эле эксперттер айтышкан. Кыргызстан ЕАЭБге киргенде бажы салыгы эки эсе көбөйөт деп айтканыбыз менен, чындыгында салык алуучу система биз тараптан эмес, Орусия тараптан иштелип чыккан. Алар атайын өздөрүнүн ишканаларын колдош үчүн, Кыргызстандын рыногуна киргизиш үчүн алдын-ала даярданып алышкан. Өкмөттүн салык кодексине өзгөртүү киргизүү демилгесин мен таптакыр ойлонгум да келбейт. Себеби бул демилге убактылуу маселени чечиши мүмкүн, бирок элге керектүү же экономикага пайдасын тийгизе турган чаралардан эмес. Биз биринчиден, кетирилген кемчиликтерди тереңирээк түшүнүшүбүз керек.

Ал эми бизге товарлар Казакстандын чек арасы аркылуу көмүскө кирип жатат деген бул шылтоо. Буга көп кызыкпай эле коюш керек. Керек болсо биз бажы салыгы аркылуу бюджет толтурабыз деген ниетти таштышыбыз керек эле. Андан көрө ишкерлерге эркиндик берип, алардын санын көбөйтүп, ошолор өндүргөн товарлардын салыгы менен бюджетти толтурууга өтөлү деп айтып келатабыз. Ал эми бажы салыгы ишкерлерге тескерисинче, бут тоскон салык.

# Турак жай алуу төбөлдөргө гана буйруган

Жакынкы аралыкта Жогорку Кеңештин 120 депутатынын 16сына кызматтык үй берилди. Ушундан улам миңдеген акчаны сапырып мандат алган жарандарга үй берилип, мамлекеттик кам көрүлүп жатканда, баш паанек кылчу үйү жок мекендештердин жашоосу көз жаздымда калгандай...

## “Павильондо эки балам менен жашайм”

Дүйнө калкы жогорку, ортоңку жана төмөнкү катмар деп үчкө бөлүнсө, Кыргызстандын калкы кедей жана кедей эместер деп экиге бөлүнөт. Статистикалык маалыматтарга ылайык калкыбыздын 30,6 пайызы жакырчылыкта жашайт. Калктын үчтөн бир бөлүгү, же болбосо 1,8 млн. адам 2485 сом, ал эми 71 миңи 1465 сом менен бир ай күн кечирет. Тапканы тамак-ашынан артпаган бул адамдардын дээрлик теңинен көбүнүн турак жайы жок. Батирлерде, жатаканаларда же болбосо туугандарында баш калкалашат. Мамлекет болсо беш жылдык мөөнөткө келген депутаттардын камын ойлоп жүрүп, калктын абалын унутуп койгондой.

47 жаштагы Дилара эже көптөн бери павильондо эки баласы менен күн өткөрүп келет. Биз кайрылганыбызда ал арманын айтып төгүлүп алды.

– Мен өзүм Жалал-Абад облусунан болом. Турмуш шартыма байланыштуу шаарга келип туруп калгам. 16 жашар жана 7 жашар эки эркек балам бар. Кичүү балам ооруйт. Улуусу 10-мектепте окуйт. Жакында эле бейтапканадан чыктык. Жал кичи районунда павильондо турам. Курулушта иштегендерге тамак жасап берчүмүн. Ошентип иштеп жүрүп ушул жерде жашап калгам. Өз атыма жазылган үй, же жер жок аябай кыйналып кеттим. Бейтапканага барсаң кабыл албайт. Эми минтип бул жактан да чыккыла деп кечээ кожоюну келип кетти. Кайда барарымды билбей олтурам. Кичүү балам ооругандан бери иштебей да калгам. Анан бир үйгө кирсең анын дагы батир акысын төлөш керек. Менде балээнин акчасы болобу. Жолдошум менен жашабаганыма 6 жыл болуп калды. Балдарга да каралашпайт. Ушул павильондо үч жылдан бери жашап келем. Буга чейин ушул эле микрорайондун көп кабаттуу үйлөрүнүн четиндеги машина токтотуучу жайды аренедага алып, ал жерди кайтарып жашачумун. Кийин ал жер сатылып кеткенде ушу жерге тамакчы болуп калгам. Батирде шарт жок, сууну алыстан ташып келебиз. Ижара акысы айына 5 миң сомго чыгат. Улуу балам окуп да, автожуугуч болуп да иштейт. Өзүнүн жол акысын өзү таап, нанга арттырып жүрөт. Ленин райондук социалдык коргоо бөлүмүндө каттоодо турабыз. Балам менен бейтапканада жатканымда ал жактын кызматкерлери келип “силерге жатакана болсо караштырабыз” деген. Социалдык коргоо мүдүрү чакырганынан барсам “жатаканага 5 миң төлөп жашасын” дептир. А менин төлөп жашагыдай шартым болсо, алардан жардам сурамак эмесмин”, – дейт ал.





Павильондо жашаган Дилбара айым

## Ипотека чийки программа экени билинди

Өкмөттүн жеңилдетилген ипотека берүү планы өлкөдөгү турак-жайга муктаж жарандардын үйлүү болуп калышына жакшы мүмкүнчүлүк болгон. Бирок берилчү насыянын мөөнөтү улам жылдырылып жаткандыктан, коомчулук анчейин ишенбей калды. “Арзан турак-жай 2015-2020” программасына ылайык ипотеканын үстөгү 12-14 пайызга чейин 15 жыл мөөнөткө каралып, мамлекеттик кызматкерлерге гана берилет. Бирок мунун ийгиликтүү программа болоору коомдо катуу талкууга алынып, иштеле турган жерлери көп, чийки программа экени билинип калды. Негизи буга чейин турак-жайлар мамлекеттик жана аскер кызматкерлерине гана берилип келген. Бир дагы карапайым калкка үй берилет деген нерсе болгон эмес.

Бишкек шаарынын тургуну, мугалимдик кесипти аркалаган Гулмира айым ипотека алууга айлыгы жетпей турганын төмөнкүдөй билдирди:

– Өзүм англис тил мугалими болуп 12 жылдан бери иштейм. Шаарда жолдошум жана эки балам болуп батирде турабыз. Жолдошум автосервисте иштейт. Ипотека берилет экенин укканыбызда алгач абдан сүйүнгөн элек. Бирок бара-бара ипотека менен үйлүү болуп калышыма көзүм деле жеткен жок. Мына менин айлыгым 8 500 сом. Муну менен 12 пайыздык үстөгү бар ипотека алсам, анда айлыгыма дагы кошуп, 12 000 сом төлөшүм керек экен. Демек мен дагы бир жерден карыз алууга мажбурмун да. А балдарымды кантип багам? Бул жерде баягы эле байлар катмары алат, а бизге окшогон карапайым катмар дагы эле калып калат. Деги эле бул ипотека иштелип чыкпаган программа. Башында айлыгы аз кызматкерлерге берилет деп айтылган. А азыр болсо андай маселе каралбаганы билинип эле калды.”





6 баласы менен батирде жашаган Мээримдин үйү

## Турак-жай баасы мамлекеттен көз каранды

Жылына өлкөбүздө көп кабаттуу үйлөр курулуп, сатыкка коюлат. Бирок бул үйлөр деле баасы жагынан кедей эмес катмарларга арналган. Деги эле сатып алуу мүмкүнчүлүгү жок карапайым калк үчүн мамлекетибизде эч нерсе жоктой.

Айткандай эле, курулуш тармагы менен алектенген Улан Сманов мырза батир баасынын арзан болушу мамлекеттен көз каранды деген пикирин да билдирди.

– Мен турак-жай куруу ишкерлиги менен 20 жылдан ашуун алектенип келем. Көп кабат үйлөрдү курабыз, долбоорлорду жасайбыз. Турак-жайлардын арзан, карапайым калкка жеткиликтүү болушу үчүн мамлекет бизге шарттарды түзүп, мүмкүнчүлүктөрдү бериш керек. Жерлер арзан болсо, коррупция жоголуп, документтештирүү бир аз жеңилдесе жакшы болмок. Мына бир жерге эле кол койдуруш үчүн 5-10 миң доллар беребиз. А үй салыш үчүн жок дегенде 10 жерге барып кол койдуруш керек. Ошентип эле 100 000 доллар кетип калат. Анан кымбаттайт да. Жерлер да кымбат. Жок дегенде жер бекер берилсе эле үйдүн баасы кыйла арзан болуп, карапайым калк үйлүү болуп калмак”, – деди ал.

Буга кошумча Бишкек шаарында батирлерди үлүштүк куруу программасы да бар. Айтылуу программа боюнча көп кабаттуу үйлөр курулуп, жарандарга берилет. Бирок ага жетиш үчүн батир баасынын 30 пайызын келишим түзгөн мезгилде, 30 пайызын курулуш аяктаганга чейин, калган сумманы беш жылдын аралыгында төлөө зарыл. Бул программага катышкандардын көбү баягы эле мамлекеттик жана менчик мекемелердин кызматкерлери.

6 баласы жана оорулуу жолдошу менен 3-4 жылдан бери батирлеп жүргөн 27 жашар Табалдиева Мээрим үй алуу кезегине турганын айтып, жаны кейип отурат.

– Учурда алты балам бар, 4өө эгиз. Жолдошум 7-апрель күнү башынан жаракат алган. Бирок документтер боюнча тизмеге кирбей калыптыр. Кандайдыр бир жардам болуп калар деп тизмеге киргизүү үчүн чуркап жүргөнүмө бир жыл болду. Көп жерлерге бардым. Бирок эч ким бул ишти колуна алган жок. Өзүм шаарда эле төрөлгөм. Кийин атам үйдү сатып жиберген. А мен турмушка чыгып кеткенден бери батирде турам. Башында бир бөлмөлүү батирде жашап, кийин бул үч бөлмөлүүгө көчүп келдим. Өзүбүз иштебейбиз. Бала карап эле үйдө олтурабыз. Кээде жумуш чыгып калса, жолдошум барып иштеп келет. Шарт жок. Үй жылыбай балдарым ооруп калды. Мамлекеттен жөлөкпул эле алам. Мына жакында эле үйгө кезекке турдум. Бирок декабрдан бери протоколу чыга элек дешти. Кезекке тургандар дагы көп экен. Ошону күтүп жүрөбүз.”

Кедей катмарды өстүрүп, аларга жардам берүү үчүн көптөгөн адамдын эмгеги талап кылынат. Бирок азыр карапайым калкка өздөрүнөн башка эч ким жардам бербейт. Калкыбызды колдоо үчүн каражаттар бөлүндү деп көп эле айтып келишет. Бирок ал мамлекет башындагылардан ылдый түшкөнчө эле жеп-ичилип отуруп, кумга сиңген суудай жок болот. Ал эми катардагы жарандарыбыз болсо куру убадаларга ишенип, жашап келүүдө.

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ

# Үй камагына чыгуу көнүмүш адатпы?

Жол кайгуул кызматынын мурунку жетекчиси Зумрад Жанабаева кызмат абалынан кыянаттык менен пайдаланып, документтерди бурмалаган деген шек менен кармалган. Ал эми анын жактоочусу «Жанабаева милиция кызматкерлеринин катарында болушу керек", - дейт...





Үстүбүздөгү жылдын 25-март күнү Жол кайгуул кызматынын мурунку жетекчиси Зумрад Жанабаеванын кызмат абалынан кыянаттык менен пайдаланып, документтерди бурмалаган деген шек менен кармалган. Октябрь райондук соту аны 17-апрелге чейин камакка алуу чечимин чыгарган. Убактылуу кармоочу жайда отурган Жанабаеванын ден соолугу начарлап, 28-мартка караган түнү ооруканага жаткырылган. Учурда З. Жанабаеванын баш коргоо чарасы өзгөртүлүп, үй камагына чыгарылды.

## "ИИМде юридикалык бөлүм бар"

**Ички Иштер Министрлигинин коомдук байкоочу кеңешинин төрагасынын орун басары Алихан Рустамов** Зумрад Жанабаевага эч кандай коргоо чарасы көрсөтүлбөгөнүн төмөнкүчө билдирди:



– Учурда милиция кызматкерлеринин укугу корголбой калды. Милиция кызматкери мамлекетке кызмат өтөп жатканы менен кандайдыр бир кылмыш иши козголуп калса, жалгыз калып жатат. Милиция кызматкеринин туугандары жактоочу жалдаганда гана кызматкер корголуп баштайт. Болбосо, Ички иштер министрлигинде бакыйган юридикалык бөлүм болуп туруп, эч ким жардам бербейт. Ал эң биринчи милиция кызматкерлеринин укуктарын коргошу керек. Учурда байкалгандай, Зумрад Жанабаевага ИИМден эч кандай жактоочу, же коргоо чарасы көрсөтүлгөн жок. Ушундан улам, милиция кызматкери өз көйгөйү менен өзү жалгыз калгандай туюлууда. Анткени менен сот күнөөлүү адамды "күнөөлүүсүң" дегенге чейин эч ким аны күнөлүү дей албайт".

## "Укук бузулду деген туура эмес"

**Башкы прокуратуранын маалымат бөлүмүнүн прокурору Нурлан Тагаев** бул кылмыш иши боюнча буларга токтолду: "Жанабаеванын үстүнөн Октябрь райондук прокуратурасы тарабынан 2015-жылы декабрь айында КРнын кылмыш-жаза кодексинин 304-315-беренеси менен иш козголгон. Негизи 8-ноябрда Жол Кайгуул Кызматынын кызматкери мас абалында авария болгон. Ошол кызматкерге кызматтык тергөө жүрбөшү үчүн 6-ноябрда өз каалоосу менен жумуштан кетти кылып оформитетишкен. Ушундан улам МАИнин жетекчиси бүгүнкү күнү жоопко тартылып, Бишкек шаардык прокуратурасы тергөө иштерин жүрүзүүдө. Укугу бузулду деген деле туура эмес. Жанабаева суракка чакырылгандан баштап ага жактоочу берилет. Өкмөт тарабынан, же ал өз каалоосу менен адвокат алышы мүмкүн. Бүгүнкү күндө анын жактоочусу Жанабаеваны жактоодо. Анан кантип анын укуктары бузулат?"

## "Психологиялык басымбы же жөн гана басымбы?"

**КРнын адвокатурасынын жактоочусу Улан Джумаков** бул тууралуу өз пикирин билдирген.



– Зумрад Жанабаева укук коргоо органында 25 жылдан бери иштейт. Прокуратура Зумрад Жанабаеванын арестине макул болгонун угуп биз таңгалып калдык. Прокуратура 3 айдан бери бул кылмыш ишин терген жатканда Жанабаева күбө болуп жүргөн. Бир күнү ага эч нерсени түшүндүрбөй эле камакка алып кетишти. Бирок, бул иште мындан башка фигуранттар да болсо керек. Акыркы жылы мен өзүм да айдоочу катары жол кайгуул кызматы өзгөргөнүн байкадым. Эгер айдоочу жол эрежесин бузбаса аны эч ким токтотпойт. Жол эрежелерин бузган жарандарды гана токтотушат. Зумрад Жанабаева катуу талап менен жоопко тартылган. Аны камакка алуунун себеби психологиялык басым болдубу, же жөн гана басым болдубу? Мамлекеттик эмес укук коргоо уюмдары психологиялык басым да кыйноо деп саналарын айтышат. Кандай болгон күндө да, Жанабаева милиция кызматкерлеринин катарында болушу керек. Анткени ал жамаат менен иштеп кетерин көрсөткөн жана уюштуруу жагынан да мыкты кызматкер. Мен депутаттарга жана акыйкатчыга бул ишти көзөмөлгө алуусун суранат элем."

## "Бекер жактоочулар болуш керек"

**Профессор, өргүүдөгү милициянын полковниги, ИИМ Академиясынын башчысынын кеңешчиси Каана Айдаркул** айтылган окуялар боюнча Өкмөт, Жогорку Кеңеш көңүл бурса деген ойдо.



– Биздин жакшы мыйзамдарыбыз так аткарылбай жатат. Бөгөт коюу чаралары жана Тергөө абагына чара көрүүгө зарылчылык бар беле деген суроо туулат. Биздин мыйзам боюнча 103-берене менен ар түрдүү жаза көрүлөт экен. Адамга берилген жаза оор же жеңилирээк деп аталыш керек эле. Бизде болсо баарыныкы окшош болууда. Тескерисинче, ар бир адамдын жасаган ишине жараша иштесе болмок. Ишти уюштуруп жаткан адамдар профессионал болушу керек. Эгер алар профессионал болсо мындай болмок эмес. Көп жыл ИИМде эмгектенген полковник айым ушундай болуп жатат. Мындай нерселер болбосун деп жатабыз. Адам укугу, укуктук мамлекет деп конституциянын 1-беренесинде жазылган. Эгер ага баш ийсек, анда полковникпи, жаранбы, же жашы жете элек өспүрүм болобу, мындай болбошу керек. Мисалы 306 баланын ичинен 206 баланын жазасы анча оор эмес кылмыштарга кирет. Бирок ошонун баарынын жазасы бирдей болуп жатат. Кеп ушунда. Учурда болуп жаткан окуя профсоюз керек дегенди билдирип тургандай. Эгер мамлекеттик кызматкердин башына иш түшсө ал өзү менен өзү калууда. Адамдын каражаты болуп жактоочу тапса жакшы. Андай болбой калса кандай болот? Биздин мамлекет укуктук мамлекет болгондон кийин бекер жактоочулар болушу керек. Иш ары-бери болгончо жанагыдай чуулар чыгып, аягында элдин түшүнүгүндө бул адам ушундай иш менен кармалды деген ой калууда. Чын-чынына келгенде күнөлүү деп сот айтышы керек."

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

## "Зыян келтирген адам акчалай айыппул төлөсүн"

Макалабыздын аягында "жарандарга кылмыш иш козголгондон кийин ден-соолугуна байланыштуу ооруканага түшүп, көп өтпөй эле үй камагына чыгарылат. Мына ушул үй камагына чыгаруу туурабы же аны жоюп салыш керекпи?" деген суроо менен укук коргоочу Рита Карасартовага кайрылдык.

– Мурун жеңил кылмыштарды административдик айыппулга алып, калгандары жаза өтөө деп бөлүнүп кетчү. Азыр административдик кылмыштын баарын "жеңил кылмыштарды мойнума алам, Кыргызстандан чыгып кетпейм" деген убада менен үй камагына чыгарып жатышат. Бирок алардын артынан түшүп, "эмне иш жасап жүрөт, кандай иш кылып жатат" деп карай турган система керек болуп калды. Бул туура нерсе. Анткени боштондукта жүргөндө коомчулукка залакасы тийбейби деген маселе бар. Эгерде адам өлтүргөн, же чоң зомбулук көрсөткөн кылмыштарга барбаса аларды боштондукка калтырып койсо болот. Бирок тергөөгө, же сотко кысым жасабагандай болушу керек. Ошону карап туруш керек. Эгер ошондой кысым жасап, же бирөөгө телефон чалдыртып маселени чечейин дей турган болсо, анда ага эскертүү бериш керек. Сот кылмыш жасаган адамдын ишине татыктуу чечим чыгарганга чейин ал тынч үйүндө жүргөнү жакшы. Бул бир четинен мамлекеттик чыгымдарды азайтат. Андан сырткары, кээ бир кылмыш жасабаган кишилерге деле иш козголуп калышы мүмкүн. Алар өзүнүн чечимин көпкө чейин күтүп отура беришет. Эгерде ал адам зыян келтиргени чын болсо анда акчалай айыппул төлөп берсин деген маселе да туулуп жатат. Мейли ал чиновник болсун, 1 миллион жесе 5 миллион төлөп берсин. Ал камалып жатканынын бизге ысык-суугу жок. Аларды акчалай уруш керек. Ошол эле Түлеев деле айтып жатпайбы, "макул, мамлекетке зыян алып келиптирмин, ошол зыянымды төлөп берейин" деп. Аны төлөтүп туруп, иштей берсин десе болот эле да. Аны камап алып отура бербей. Айыппул салуу кыргызда илгертеден келе жаткан ыкма. Туура эмес жолго ар бир киши түшөт. Ал адам мамлекетке өз акчасынан төлөп берсин. Мамлекетке да пайда болот жана түрмөдө отургандар да, чыгымдар да азаят. Адам өлтүргөндөрдү, зордуктагандарды камаш керек. Ал эми калгандарын үй камагына чыгара берсин", – деди ал.



# Уйку келбетке таасир тийгизеби?

Жашообуздун 1/3 бөлүгүн, ал тургай, 1/2 бөлүгүн уйку менен өткөрөбүз. Уктоо менен ошол күнү болгон кээ бир жагымсыз окуяларды унутабыз. Уктоо менен көптөгөн жакшы сезимдерге туш болуп, кубатка толуп, сергектенебиз. Азыркы күндө адамдар технология менен көп алектенгендиктен нерв бат чарчап, көп учурда уйкусу канбай, маанайы чөгүп, ооруга да чалдыгышы мүмкүн

## Уктоо процесси

Уйкунун милдети – чарчаган системаларды калыбына келтирүү. Уктоо кубулушу жүрүп жатканда: жүрөктүн согушу азаят, нерв, кан айлануу сыяктуу системалар калыбына келет, мээ эс алат, энергия топтолот жана дем алуу кыймылы жайланат. Жаш балдарга – 9–10, чоңдорго – 7–8 саат сунушталат. Сеченов аттуу окумуштуу уйкуну эки түргө: жай уйку жана тез уйку деп бөлөт. Жай уйкуда организм толук эс алат жана 1–1,30 саат болот. Ал эми тез уйкуда кан басым көтөрүлүп, зат алмашуу тез жүрүп, кол-буттун кыймылдашы күтүлөт. Бул 10–15 мүнөткө созулат. Ошол 9–10 жана 7–8 сааттык уйкунун 75–80%ын жай уйку, ал эми 20–25%ын тез уйку түзөт.

Эң таттуу уйку – таңкы уйку болуп эсептелет. Таңдагы 20–30 мүнөттүк уйку жай уйкуга кирет. Абдышүкүр Нарматов агайыбыз "Мурункулар түштү азыраак көрүп, түш жоруучулар аз эле болгон болсо, азыр түш көргөндөр да, түш жоругандар да көп" деп айтып, мунун себебин төмөнкүчө түшүндүрдү: "Ал убакта аз укташкан. Азыркылар көп уктагандыктан көп түш да көрүшөт" дейт.

Уйкунун жай абалында кирген түш анча эмоцияналдуу эмес, чындыкка жакынураак болуп, бат эле унутулуп калат. Ал эми тез уйкуда кирген түш кызыктуу, эмоциялуу, түстүү болуп, эсте сактап калууга мүмкүнчүлүк бар. Аймакчы, "Түш деген эмне" дегенге кээ бир окумуштуулар аныктама да беришкен.

## Уйкусуздуктун эң башкы себептери

1. Нерв системасынын чарчашы;
2. Терең ойго батуу;
3. Кыймыл-аракеттин аздыгы.

## Жумуштан кайтканда

Кээ бирлер иштен чарчап келгенде бир аз уктап алып анан үй ишине киришейин дешет. Бирок мындай уйку денени жанчып, алсыздандырып коёт жана түнкү уйкуга да кедергисин тийгизет. Жумуштан келгенден кийин дароо бөлмөнү шамалдатып, үйгө кийчү кийимдерди кийиңиз. Аз да болсо керилип, көнүгүү жасаңыз. Анан чалкалап жатып, булчуңдарды бошотуп, көздөрдү жумуп, бир калыпта дем алуу керек. Дем алуу кыймылынын ритмикасы жөн эле саноо жолу менен жүргүзүлөт. Мисалы, дем алуу – бир, эки; дем чыгаруу – бир, эки, үч. Ушундай дем алуу тартиби менен 10–15 мүнөт өткөндө нерв системасында тормоздоо пайда болуп, адам өзүн уйкусуроо абалында сезет. Анан жүрөк, кан тамыр, дем алуу, тамак сиңирүү системаларынын активдүүлүгү басаңдап, вегетатив борборлорунда тормоздонуу процессинин башталгандыгы байкалат. Бул процедура 20–30 мүнөткө созулат. Ушундан кийин таза абага бир аз чыгып, анан үй тиричилигине кирише берсе болот. Окумуштуулар мындай дем алууну адамдарга жасатып байкоо жүргүзгөндө, бардыгы тең өзүн жакшы сезип, сергектенип, эмгекке жөндөмдүүлүгү жогорулаганын айтышкан.

Жатаар алдында күчтүү тамактануу организмди тамак сиңирүү менен алек кылып, уйку менен эс алдырууга күчү жетпей калат. Жумшак төшөк, чоң жаздык денени жакшы эс алдырбайт. Тынч уктоого тоскоолдук кылат. Уктоочу бөлмөдөгү турган иш столу, компьютер уктоого терс таасирин тийгизет.

## Уктоо үчүн жагымдуу шарттар

Бөлмөнү желдетип, бөлмөдө турган техникалык буюмдарды башка бөлмөгө чыгаруу;

Жууркanды тазалап, тыкандап салуу;

Китеп, журнал же газета окуу;

Таза жуунуп, таза кийинүү;

Ромашканын кайнатмасы, же бир чай кашык бал кошулган жылуу суу ичсеңиз уйкуну тезирээк чакырат.

## Уктоо абалында дененин орун алмашуусу

Уктаганда бир калыпта жатуу организмге өтө чоң зыян экенин дарыгерлер да айтып келишет. Бир жак менен көп убакыт жатканда кан тамырлар кысылып, жабылып да калышы мүмкүн. Ошол кан тамыр аркылуу өтүп жаткан кычкылтек да зарыл болгон жерге жетпей калат. Натыйжада тери акырындап кургап, ооруга чалдыгышы мүмкүн.

Кээ бир адамдар канчалык уктайын десе да уйкусу келбей кыйналат. Ошол учурда уктоонун алдында уйку качуудан арылтуучу кичинекей ыкмалар сунушталат

— Туура тамактануу режимин колдонуу. Уктаардан 3 саат эрте тамактануу.

— Уктаарга чейин жөө басып, таза абада сейилдөө.

— Жумуш менен эс алуунун балансын сактоо.

Ушундай татаал деле эмес эрежелерди колдонуу түнкүсүн тынч уктап, күндүз өзүңдү жакшы сезип жүрүүгө жардам берет.

## Уйкусуздукка каршы пайдалуу кеңештер

– Кадимки эле укроп уйкусуздукка жакшы жардамын тийгизет. Анда эфир майы бар болгондуктан организмдеги чыңалууну кетирип, жакшы уйкуга өбөлгө болот. Мындан тышкары ал тамакка болгон табитти ачып, көкүрөктөгү какырыкты да алып чыгат.

– Жатаар алдында укроптон чай демдеп, 1 чөйчөк (стакан) ичсеңиз катуу уйкуга чөмүлөсүз. Укроптун өзү жокто анын уругун да пайдалансаңыз болот. 2 чай кашык урукту 2 чөйчөк кайнак суу менен демдеңиз да, күнүнө 3 жолу жарым чөйчөктөн тамакка чейин жана 1 чөйчөк уктаар алдында ичиңиз.

– Бир күндүк чарчооңуздан кутулууга жылуу ваннадан өткөн керемет жок. Ал эми ага бир канча чөптүн түрүнөн салып жатсаңыз – мемиреген уйкуга жетеленип, түнүңүз бейпил болот.

– Кечки тамактан бир сааттай убакыт өткөн соң 37–38 градус температурадагы сууну толтуруп, 50 граммдан жалбыз, ромашка, мелисса, календула, роза гүлүн же өзүңүзгө жыты жаккан башка бир чөптөн кошуп, сууда 20 мүнөт жатып эс алыңыз (андан ашыкча эмес). Мындан соң дароо жатууга камдануу керек.

Бетти даярдаган
АЙНАГҮЛ КУДАЙБЕРДИЕВА

## Уйкуга байланыштуу

- Уйкудан калган адам эртең менен кебетеси жагымсыз тартып, өз жашынан улуу көрүнөт.
- Химиялык таблицаны түзгөн Д.И.Менделеев таблицаны түшүндө көрүп, анан түзгөн.
- Уйкусуздук менен жабыркагандарга оору бат жугуп, сакаю кыйындыкка турат, организм алсыз болот. Аз уктаган адам акыл калчоо жагынан да аксайт.
- Канадалык профессор Стенли Ковендин айтуусу боюнча, уктабай калган ар бир саатың аң-сезимиңди 1%га төмөндөтөт. Анын жүргүзгөн тажрыйбасы суткасына 3 саатка кем уктагандардын акыл көрөңгөсү 15%га төмөндөгөнүн көрсөткөн. Уйкудан дайыма жапа чегип жүргөн адам жөнү жок ачууланып, сөз көтөрө албай, нерви чыңалып жүрөт.
- И.М.Сеченов уйкунун физиологиясын электроэнцефалограмма прибору аркылуу изилдеп чыккан.
- Кээ бир изилдөөлөрдө кечки 9дан түнкү 3кө чейин уктоо пайдалуураак делет. Ал убакта 21:00–23:00 арасы – акыл-эс эс алат, 23:00–01:00 – энергия топтолот, 01:00–03:00 – сезим эс алат.
- Уйку канбай калуудан жабыркаган адамдар нормалдуу эс ала билген адамдарга салыштырганда төрт эсе көбүрөөк психикалык ооруга кабылуу коопттуулугу бар экенин статистика көрсөткөн.
- Уйкусу дайыма канбай жүргөн адам ашыкча салмак кошоорун көптөгөн изилдөөлөр далилдеген.
- 17 саат тынымсыз уктабай калган адамдын абалы канынын курамында 0,05 пайыз алкоголу бар адамдын жүрүм-турумуна окшоп калат.
- Бир түн уйкудан калган мээнин иш жөндөмдүүлүгү 9%га төмөндөйт.
- Бактысыз адамдар көп уктагысы келет, анткени кайгылары уктоодо гана унутулат.

# Алия жана кошуна ханбийкелер

**Өткөн аптада мамлекет башчыбыздын кызы Алия Шагиева өзү тарткан сүрөттөрүн сатыкка коюп, андан түшкөн 200 миң сомду даун оорусу менен ооруган майып балдар үйүнө которгону ЖМКларда байма-бай кеп болуп, эл ичи бир сыйра дүң эле боло түштү. Чынында аны алгач көпчүлүк Алмазбек Атамбаевдин кызы деп ойлогон эмес**

Кептин кызыгы кийин башталды. Баягыл эле жаны жай албаган журналисттер (бул жакшы сапат) анын ата-жотосун бир заматта иликтеп, эл ичин дүңгүрөтүп жиберишти.

Анткени менен бул Алияга көп жага бербеди окшойт. Көрсө, эл ичинде бул кыз тууралуу да оң-тетири сүйлөгөндөр болуптур. Мисалы, кай бири «Президенттин кызы өзүн пиарлап...» дегендей кеп таратса, кай бири «Мамлекет башчыга жагынгысы келгендер ойлоп тапкан иш» деп да чыгышты. Кыскасы, ушундай кептерден улам шагы сына түшкөн Алия интернет баракчасында өз фамилиясын алмаштырарын айтып, өзү тууралуу тескери ойдо болгондорго да ыраазычылык билдирген.

Кептин кыскасы ушул. Бирок, бүгүн биз бул окуяны башка жагынан да карап көрсөкпү дедик. Мисалы, биздин өлкө башчынын уул-кыздары менен коңшулаш элдердин уул-кыздарын салыштыралы.



Алмазбек Атамбаевдин 19-жаштагы кичүү кызы Алия Шагиева

## Кошоматчылардан тажаган кыз

Биздин мамлекет башчынын Кадырбек, Динара, Диана, Сейитбек, Алия (Шагиева), Сейтек аттуу 3 уул, 3 кызы бар. Бирок, Кудайга шүгүр, мурунку президенттерибиз сыяктуу бир да уулун, же кызын бийликке аралаштырып, же майлуу-сүттүү жайлардан орун камдап баш тоголоткон жок. Ал тургай, бул балдары кайда, эмне иш кыларын табыш үчүн кыйла изденүүгө туура келет. Жогоруда айтылгандай, бой жетип турган кызы Алия тууралуу да буга чейин эч кимдин кабары жок болчу. Ал өзү айткандай көпчүлүктүн көңүлүн бурбоо максатында дайыма өзүн көмүскө кармаганга аракет кылган. Болбосо бизде «чоңдун кызы» же «чоңдун баласы» дегенде жамажайы жайыла күлүп, алды-артына түшүп бөйпөңдөп тажатчулар чекеден табылат. Кыязы, Алия ошондойдон тажаса керек.

## Туулган күн үчүн 2,4 млн. доллар

Эң эле жөнөкөй Уикипедиядан казак президенти Н.Назарбаевдин үч кызы тууралуу төмөнкүдөй маалыматтарга ээ болдук:

**Дарига**. (7-май, 1963-жыл) — Саясат илиминин доктору, Казакстан Республикасынын Премьер-министринин орун басары; ажырашкан (Рахат Алиев күйөөсү болчу)

Уикипедияда буга чейинки Дариганын ээлеген кызматтары, алган сыйлыктары, «жасаган» иштери тууралуу жазып отурсаң гезитке батчудай эмес. Ошондуктан биз анын ток этер жерлерин гана кеп кылмакчыбыз. Мисалы, ал буга чейин «Хабар» мамлекеттик каналынын жетекчиси (49,5 пайыз акцияга ээлик кылып, кийин мамлекеттик каналды кайра мамлекетке саткан), «Асар», «Нур Отан» партияларын жетекчиси, Казакстан мажлисинде (Жогорку кеңеш) төраганын орун басары, «Нур банк» банкынын жетекчиси, «Бөбөк» кайрымдуулук фондунун вице президенти болуп эмгектенген. Көптөгөн мамлекеттик сыйлыктарды алып, ырчы катары 2003-жылы Москва шаарында өзүнүн чоң концертин берген.

Айтмакчы, 7-май Дариганын туулган күнү жана Казакстандын Ата-мекенди коргоо күнү.

**Динара** (19-август, 1967-жыл) – Н.А.Назарбаев атындагы билим берүү фондунун жетекчиси, Казакстан элдик банкынын (Халык банк) ири акционери, Forbes журналынын 2011-жылкы билдирүүсү боюнча Казакстандагы эң бай аял, (1,3 млрд. доллар байлыкка ээ); күйөөсү – Тимур Кулибаев

Бул кызы Даригадан айрымаланып коомдук иштер менен көп алектенген эмес. Бүгүнкү күнү Швейцарияда турат жана Орто Азия мамлекеттиренинин ичинен дүйнөлүк миллиардерлердин катарында «Форбс» журналына кирген жападан-жалгыз аял.

**Алия** жеке ишкердик менен шугулданат. «Элитстрой» курулуш компаниясын жетектейт.

Айтылуу Айдар Акаевдин колуктусу. Экөөнүн үйлөнүү тою ааламда жок салтанат менен өткөнүнө карабай, бир жылдан соң ажырашып тынышкан. Ажырашуу себебин ар ким ар кандай айтып жүрөт. Кай бири Алия баңгизатка көз карандылыктан улам ажырашкан десе, кай бири ал өтө кызганчаак болуп, Айдардын мурунку жубайын көп эстечү дешет. Кыскасы, казак президентинин сүймөнчүк кызынын да эркелиги оңой эмес. Ал улуу эжеси Даригадай коомдук, саясий иштерге көп аралашпаса да, жеке ишкердик жагынан жөн отурган эмес. «Туралембанк», «Элитстрой», «Европа плюс» сыяктуу ар кандай сферага аралашып, «Ойгонуу» аттуу даректүү тасма тартуууга жана «Казак хандыгы» киносунда Аксак Темирдин небересинин ролун аткарууга жетишкен.

Атактуу хандын эрке кызы тууралуу дагы далай кептер бар. Мисалы анын 30 жашка чыккандагы туулган күнү карапайым калкты өзгөчө кыжырланткан. Себеби, ал өздүк майрамына атактуу Бритни Спирс менен Женифер Лопес баш болгон бир нече чет өлкөлүк ырчы-чоорчуну чакыртып, аталган эки ырчыны эле ыраазы кылуу үчүн 2,4 млн. доллар короткон. Ал эми дагы миңдеген доллардар Орусиядан келген жана жергиликтүү ырчыларга сарпталган. Мындан сырткары, Анталиядан вилла, яхта, 200 миң долларлык бир нече машина жана көз тайгылткан зер буюмдар белекке берилген. Кече жарым сааттык фейерверк менен акырына чыккан.



Дарига Назарбаева



Гүлнара Каримова

## 23үндө «майор» болгон Рустам



Рустам Рахмон

Тажик президенти Эмомалинин 7 кыз 2 уулу бар. Кыздарынын ичинен айрыкча, Парвати аттуу ханбийке тууралуу дуу-дуу кеп бар дешет. Себеби, ким болбосун, кандай ишкана, бизнес ачпасын бул кызга «шапке» кийгизип турушу керек экен. «Эжени көрүп сиңди өсөт» демекчи, Эмомалинин башка кыздары деле мындан кем калышпайт. Бир артыкчылыгы, тажиктин жол башчысы бардык кыздарын турмушка узатып жиберген. Анткени менен күйөө балдары да жөнөкөй адамдардан эмес.

Ал эми балдары тууралуу айта турган болсок, улуу баласы Рустам азыр тажик элинин шорун шорподой кайнатып турган маал. Ал Москвада окуп жүргөн кезинде эле шоктугу менен белгилүү болуп, казинодон башы чыкпай, колуна тийген акчаны кактырып турганда атасы окуусун бүтүртпөй алып келүүгө аргасыз болгон. Ошондон баштап Тажик футбол федерациясынын президенти болду. Тажикстандын «Истиклол» командасында чабуулчу болуп ойноп, 2 жыл катары менен чемпион наамын алды. (Президенттин баласы турса башка ким чемпион болгонго даайт.) Ошону менен чыныгы турмушка аттанган учурдан тартып Бажы кызматынын эки тизгин бир чылбыры колуна тийди. Азыр болсо Антикоррупциялык агенттикти кармап турган кези.

## Атадан бийлик талашкан Гугуша

Өзбек президенти жаңыдан турмуш куруп, тун кызын тамтаңдатып жетелеп жүргөн күнү анысы чекесине чыккан чыйкан болорун ойлобосо да керек. Бирок, 2 кыздын улуусу, амбициясы ашып ташыган кызы Гүлнара карапайым калктын гана эмес, акыры өзүнүн да кыжырын кайнатып, 2013-жылдары үй камагына камап таштап жаны тынды.

**Гүлнара Каримова** – 8-июль 1972, Саясаттагы кадамын өзбек Тышкы иштер министрлигинде министрдин кеңешчиси болуу менен баштаган. Андан кийин Орусиядагы элчиликте иштеди. Кийин Өзбек мамлекетинин БУУдагы өкүлү болуп Нью-Йоркто отурду. Анан Женевадагы өкүлү болуп дайындалды. Андан соң Испанияга Өзбекстандын элчиси катары барды. Кыскасы, майлуу орундардан калган жок. Анысы аз келгенсип, бул эрке кыз батыш ырчылары менен жакшы мамиледе болуп, «Googoosha» деген ат менен бир канча ырлардан турган альбомун чыгарганга жетишкен. «Guli» аттуу бренд менен зер буюмдарды, ар кандай моделдеги кийимдерди чыгарган. Ал эми эл аралык фонддордон, мамлекеттен акча бөлдүрүү менен бир канча кайрымдуулук фонддорун түзүп, иштемиш эткени чын эле кайрымдуулук үчүн болгонбу, же «кара булактардан» келген акчаны «тундуруу» ишиби ал азырынча белгисиз.

**Лола Каримова-Тилляева**

Өзбек ханынын бул кызы эжесинен айрымаланып көп деле саясатка жана коомдук иштерге аралашкан эмес. Болгону Өзбекстанда эки кайрымдуулук фондун түптөп иштетип келет. Алардын бири жетим балдарды камкордугуна алган «Сен жалгыз эмессиң» фонду жана майып балдарга кам көрүү максатында түптөлгөн мамлекеттик борбор.

НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ

# Бишкекте токтогон согуш кайра тутанды

Дүйнөнүн дагы бир чиеленген жери үзүлдү. 1995-жылдын 5-майында Бишкекте токтотулган азербайжан менен армяндын Тоолуу Карабак үчүн согушу өткөн ишембиде кайра жанданды. Бул макалабызда согушту кайра тутандыргандардын абалы жана максаттары тууралуу кеп болмокчу

## Азербайжан дарагынан омурулган Карабак

Тоолугу менен Азербайжандын карамагына кирген Карабак аймагынын көп бөлүгүн учурда дүйнө тааныбаган Тоолуу Карабак Республикасы (ТКР) көзөмөлдөп турат. Өткөн кылымдын 90-жылдары жүзөгө ашып, жакынкы Кавказ тарыхында кандуулугу боюнча Эки Чечен согушунан кийинки эле орунда турган кагылышууда эки тараптан 12 миңге жакын адам набыт болгон. Азербайжан менен Армениянын чегинде жайгашкан ТКРды азыр толугу менен армяндардан турган өкмөт башкарат. Болбосо бул аймак Азербайжанда кантип пайда болду?

XX кылымдын башында азыркы Азербайжандын 1/5ин түзгөн Карабак аймагынын 35 пайызы армяндар болгон. Ошол эле убакта өзүнчө мамлекет катары таанылбаган Тоолуу Карабак Республикасы ээлеп турган тоолуу өрөөндүн калкынын 80-85%ын армяндар түзгөн. Айланасын азер улуту курчап тургандыктан 1921-жылы бул өрөөн Азербайжан Советтик Социалисттик Республикасынын курамына кирип, 1923-жылы Тоолуу Карабак автоном облусу (ТКАО) макамы ыйгарылган.

Советтер Союзу солкулдап баштаган 1990-жылдардын башында ТКАОнун калкынын көпчүлүгүн түзгөн армяндар «армян калкын басынтуу бар» деген шылтоо менен Арменияга кошулуу аракеттерин баштаган. Бул сепаратисттик аракеттер эки тараптын кызуу кандуулугу менен коштолуп, эки союздук республиканын аймактарынан азерлер менен армяндардын көчүүсүнө себеп болгон. Натыйжада азер улутундагылар ТКАОнун Армения тарабынан көчүүгө мажбур болуп, армян өкмөтү сепаратисттик кыймылды түздөн-түз колдоого толугу менен жол ачылган. Ошентип, Азербайжан Республикасы менен СССР жетекчилиги каршы чыкканына карабай, 1990-жылдын 20-февралындагы ТКАОнун армян улутундагы эл өкүлдөрүнүн сурамычы менен ошол эле жылдын 15-июнунда Армения Жогорку Кеңеши бул аймактын көз карандысыздыгын тааныган. Бул чечим СССР мыйзамдары менен эл аралык укукка каршы келип, эки союздук республиканын ортосундагы 1991-1994-жылкы куралдуу кагылышууга жол ачкан.

Карабак кагылышуусу боюнча Бириккен Улуттар Уюмунун Коопсуздук Кеңеши 1993-жылы төрт жолу резолюция кабыл алганы менен согуш токтогон эмес. Азербайжан жана Армениянын ТКАО үчүн согушуна 1994-жылы 5-майда Кыргызстан менен Орусия ортомчулук кылып, «Бишкек протоколунда» чекит коюлган. Бирок эл аралык серепчилердин баамдоосу боюнча бул тынчтык акыры бир күнү бузулмак. Себеби суверендүү мамлекеттин аймагында Армениядан башка эч бир өлкө тааныбаган жасалма мамлекет пайда болгон эле.

## «Бишкек протоколунун» аткарылбаган талаптары

Тоолуу Карабакта 1988-жылдан бери ырбап келе жаткан абалга чекит коюу максатында «Бишкек протоколу» бир нече чараларды белгилеген. Бирок алардын принципиалдуу беренелери ушул күнгө чейин аткарылбай келет. «Бишкек протоколунун» алгачкы беренесинде эле бул араздашуу азербайжан жана армян элдерине гана эмес, Кавказ региону менен дүйнөлүк карым-катнаштарга кедергисин тийгизип жатат делген. Ошондуктан согуштук жана кастык аракеттерди толук токтоткон механизмдерди иштеп чыгуу жана аймактан куралдуу күчтөрдү чыгарып кетүү талабы коюлган. Тилекке каршы араздашууну тамырынан кыркчу бул жүйөөлү сунуштар кагазда жазылган боюнча кала берген.

## Бул апрелдеги кагылышуунун тарптары

Тоолуу Карабак маселесин чечүү боюнча «Минск тобунун» мүчөлөрү болгон Орусия, АКШ жана Франция согуш убакыт өткөн сайын тутанып баратканына карабай, бул маселени эмдиги аптада гана карап чыгышарын билдиришкен. Серепчилердин баамдоосунда азербайжан да, армян да 3-апрелдеги чабышууну эч ким менен кеңешкен эмес. Баарынан кызыгы, кагылышуу Азербайжан президенти Ильхом Алиев менен Армения лидери Серж Саркисян АКШда чогуу иш-чарада отурган кезде башталган. Ошондуктан араздашууга кимиси май driver чачтырса да «жергиликтүү жоопкерлер аша чаап кетиптир» деп кетенчиктеп кетүүгө жол бар.

«Кагылышууну ким баштады?» деген суроо боюнча, эки тараптын тең буга жүйөөлү себептери бар деп айтылат. Мунайдын баасы төмөндөгөндөн бери Азербайжанда буга чейин акчанын күчү менен басылып турган көйгөйлөр серпилип чыга келген. Арменияда болсо Серж Саркисяндын акыркы президенттик мөөнөтү аяктап келе жатат. Эки мамлекетти тең элдик мүлктүн эсебинен мыйзамсыз байыган топтор башкарып турат. Алар өз салтанатын улантуу үчүн бир чети элин алаксытып, экинчиден согуштун шылтоосу менен кээ бир демократиялык укуктарды чектеп, бийликте калууну көздөйт дешет билермандар.


Араздашкан эки тараптын кайсынысы бул маселени курчутууга жакын? Буга албетте аймагынын 1/5ин тарттырып жиберген Азербайжан көбүрөк кызыкдар деген жүйөө бар. Бул өлкөнүн Орусиядагы элчиси Полат Булбул оглу орусиялык телеканалдын бирине: «Биз Тоолуу Карабак маселесин тынчтык жолу менен гана чечилүүсүн дайыма жактап келебиз. Бирок баскынчылар биздин аймакты бошотуп бербесе күч колдонууга толук укугубуз бар. Кайсыл мамлекет же эл өз жеринин 21%ын башкага кармалтып жиберип, кол куушуруп отуруп калат? Бул кагылышуулардын бирден бир себеби – армениялыктардын баскынчылыгы. Бул жерде Тоолуу Карабактын аймагынан сырткары Азербайжандын 5 району да баскынчылык алдында калган. Дүйнөлүк абройлуу уюмдардын баары Арменияга биздин өлкөдөн чыгып кетүүнү талап кылууда. Албетте акыркы армян аскери биздин аймактан чыгып кетмейинче маселе ырбаган бойдон кала берет. «Минск тобу» канча жылдар бою бул көйгөйдү чечкенге чечкиндүү кадам таштабай келет», – деп агынан жарылган.

## Бакунуку туура, бирок...

Эч күмөнсүз, аймагынын бештен бирин тарттырып жиберген Азербайжандын чечкиндүү кадамдарга баруусу мыйзам ченемдүү. Ошону менен бирге, маалымат тез тараган акыркы убактарда мамлекеттердин өзүнө гана таандык маселелер дүйнөлүк көйгөйгө айланып кетип жатканына кайра-кайра күбө болуудабыз. Мындай кырдаалда кайсы бир аскердин, же дагы бир кызматкердин кетирген катасы бүтүндөй мамлекетти заалым көргөзүп коюусу кадыресе иш болуп баратат. Айрыкча дүйнөнүн негизги мамлекеттеринде күчтүү лоббиси бар армян диаспорасынын оозун жаап, шык отургузуп коюу кыйын. Мындай элди күч менен сөзгө тартып, жүйөөлөшүү да оңойго турбайт. Деги кандай болгон күндө да, Азербайжан менен Армениянын ортосунда кылымдар бою уланып келаткан жана акыркы 30 жылда өзгөчө ырбаган бул көйгөйдү узак, ачуу, машакаттуу, бирок берекелүү тынчтык жолу менен гана чечүүгө мүмкүн.

Дүйнөнүн ар бир өлкөсүндө болгондой эле, биздин Кыргызстанда да туруктуу жашап келген диаспоралар көп. Ошондон улам улуттук азчылыктарды кемсинтип, өз улутуна берген укуктарды аларга бербей баштасаң Тоолуу Карабак сыяктуу болбосо да, ага окшогон көйгөйлөр пайда болушу мүмкүн.

ЖАНСАКТА САРБАШОВ




| Азербайжан: | Армения: |
|---|---|
| - Аянты 86 600 миң чарчы км.; | - Аянты 29 743 миң чарчы км.; |
| - Калкы 9,5 миллиондон ашык; | - Калкы 3 миллионго жакын; |
| - ИДӨсү = 99 млрд $; | - ИДӨсү = 24 млрд $; |
| - 1 адамга = 10 624 $. | - 1 адамга = 8416 $. |

# Кудай буюрса, сенин күйөөң болом

1937-жылдын каардуу күндөрү далай жандын жүрөгүнүн үшүн алып турган учур эле. Айылдык кеңеште кызмат кылган бир адам ишинен кайтып келип, кечки дасторкондо балдарынын жанында отурган. Сыртта иңир кирип калган. Терезенин пардосун шарт эттире жаап:

– Ой, катын, тамагыңды тезирээк алып келбейсиңби эми. Болчу тезирээк, – деп бурк этти.

– Эми шашпай коё турсаң, камыры быша калсын, ботом. Кудай буюрса жейбиз, – деди жароокерлене аялы.

– Ой, эмне эле "Кудай эле Кудай" дейсиң. Кудай береби, бербейби көп сүйлөбөй батыраак алып келчи тамагыңды. Эч кимден сурабайм тамакты кантип жешти, – деп жиндене баштады.

– Ээ, балдардын атасы. Кой антип бөөдө Кудайга күнөөкөр болбо. Андан көрө Кудайга шүгүр деп шүгүрчүлүк кыл, – деп үстөлдүн үстүнө бышкан ашты койду аял бечара.

– Э, койчу кайдагыны айтпай! Ушу турган тамакка эмнеге "буюрса, суюрса" дейт элем. Мына моминтип кашыктап эле ашайм! – деп кашыгын алып эми суна бергенде сырттан мотордун үнү угулуп, каалга такылдады.


– Мен НКВДнын оперуполдомочену болом, – деди аскер шинелин кийген неме сурданып. – Тезирек туруп биз менен жүрүңүз!

Ошентип жаңы эле оңурандап отурган бечара кайдагы бир жалган жалаага кабылып, миңдеген адамдардын катарында дайынсыз жоголуп кетти. Эч кабары жок. Кат жазбайт. Өлүү-тирүүсүнөн шек-шыбасыз. Байкуш аялы көз жашын көл кылып, ыйлаган бойдон кала берди. Жыл артынан жылдар өтүп, барган сайын жерден боорун көтөргөн балдарын багуу кыйынга турду. Айла жок, балдары үчүн жашаш керек. Бирок, күйөөсүнөн да үмүтүн үзө элек. Жарыктык, үмүт деген кыйын тура. Акырындап тагдырына моюн сунуп да калгансыды.

Арадан туура он жыл өттү. Бечара аял түн уйкудан калып, дале да болсо өмүрлүк жарын ойлоп канча жылдан бери көзүнүн жашы тама берип саргарып кеткен жаздыгын кучактап жатты. Бир маалда коюу түндүн тынчтыгы бузулуп, терезе акырын тыкылдады.

– Ким бул?! – деп лепилдеп тура калып үлпүлдөп турган чырактын билигин көтөрдү аял.

– Бул мен эле. Кудай буюрса, күйөөң болом, – деген үн айнектин артынан жаңырды.



# Наадан келин



Эсенгул карыянын кыялы өтө чорт, жалкоо, нааданыраак келини боло турган. Ал ким болбосун алдынан чыккан адамды жумшап жиберип отуруп калчу.

Бир сапар кайнатасы келинин сынап көрмөкчү болду. Үйгө акырын кирип, тамагын кыра жөтөлүмүш болуп өзүнүн келгенин билгизет. Ары карап алып кендир капка таруу салып жаткан келини эшик тарапты карагандан да эринип:

– Эй, ким болсоң да каалганын түбүндө турган соку менен сок билекти мага алып берчи, – дейт. Келинин уялтып коёюн деген аксакал соку менен сок билекти алып берет. Кайнатасын көрүп өзүн жоготуп, чочумуш болгон келин:

– Ой, бул сиз белеңиз. Муну кайра ордуна алып барып коюңуз. Мен өзүм эле алып алам, – дептир.

# Жалкоо

Жалкоо Өмүраалыга кезектеги кой кезүүсү келип, жол боюю кой чогултуп айдап баратат дейт. Аңгыча бир нерсеге буту илине түшүп, ылайга кулап түшөт. Ордунан эптеп туруп баратып, жаңы эле жаап өткөн өткүндү, аба-ырайынын ага ыбаа карабаганын кошуп сөгүп өтөт:

– Ээх, ушундай болоорун билгенимде кечээ эле Камчы кошунам менен алмашып, күндүн жылуусунда кезүүнү кайтарып салып, бүгүн үйдө жыргап жатпайт белем. Ушундайга келгенде эле менин багым жок. Атам да кашайып ооруп калганын карачы. Болбосо өзү эле кайтарып коёт эле. Эми эптеп кайтарып келейин. Андан көрө апам түшкү тамакты убагында алып келип берсе болду, – деп санаага батып койду имерип бара жатты. Бир маалда эле баштанчаак карала кой эгинди көздөй жандай салды. Койдун баары артынан ээрчип, бир карыш болуп чыгып калган күздүк буудайды көздөй чуурул жөнөштү.

– Мал болгон энеңди урайындар, – деп айкырган Өмүраалы да жандай салып тик беттен ылдый карай чуркап баратып, үстөмөнүнөн кетти. Бети-башынан бери баткак, кийиминин чоло жери калбай суу болгон бечара ошол жаткан бойдон өз башын койгулап туруп:

– Мына багы жокко дагы жок деген ушул! Минтип кайра жыгыларымды билгенде биринчи жыгылган жеримден турбай койбойт белем! Качан болсо ушундай да мага, – деп наалып-наалып жиберген экен.



# Тамеки чегүүнүн пайдалары

Жаш жигит аксакал карыга кеңешкени келет.

– Ата, мен тамеки тартканды үйрөнүп жатам. Сиз менин бул өнөрүмдү пайдалуу болот деп ойлойсузбу, – деп суроо узатат ал.

– Ээ, сен сурадың эми мен айтайын. Тамеки чегүүнүн үч пайдасы бар. Биринчиден тамекини көп тарткан адам эч качан карыбайт, – дейт абышка.

– Эмнеге?

– Анткени, уулум, тамеки тарткан киши карыганга жетишпей калат. Ал жапжаш бойдон эле өлүп кете берет. Түшүндүңбү? Экинчиден, тамеки көп чеккен адамдын үйүнө эч качан ууру кире албайт.

– А эмнеге?

– Анткени көп тарткан киши түнү менен ыкшып жөтөлүп, түнү менен уктай албай, утуру которулуп чыгат. Үй ээсинин жөтөлүн уккан уурулар андай үйдү айланып өтүшөт. Бирок муну менен эле баары бүтүп калбайт. Тамеки тарткан адамды эч качан ит тиштебейт.

– Койсоңуз?! А эмнеге тиштебейт экен?

– Анткени тамеки тарткан адам эрте эле майып болуп, таяк таянып басып калат. Ал эми таяктан өзүң билесиң балам, эң эле тажаал деген ит да коркот, – дептир.

Карыянын сөзүн уккан жаш жигит ойго батып тунжурап отуруп калса, кексе чал кытмыр жылмайып, үйүн көздөй аяк шилтеди.






Касен аттуу сабатсыз адам анча-мынча кат тааныган чала сабат коңшусуна барып:

– Оо, Жанпейиш коңшум, мага бир кат келиптир. Сен муну окуп, анан жообун да жазып бербесең болбойт. Бул арада сенден өткөн окумал адам жок деп, – кайрылып калат.


– Ээ, Каке, мен бул катыңды жаза албайм. Каргыш тийгирдики десе, менин бутум ооруп жатпайбы. Окуй да албайт окшойм, – дейт коңшусу бутун кармалап.

– Сенин бутуңдун эмне тиешеси бар? Мен эмне сени бир жакка жумшап аттым беле? – деп таңыркайт Касен.

– Ой, сен кандай түшүнбөгөн немесиң?! Менин бутум ооруп жатат деп атпаймбы! Мен жазган катты баары бир бул чөлкөмдө өзүмдөн башка эч ким түшүнбөйт. Айла кеткенде кат бара турган жерге өзүм барып окуп беришим керек. Себеби аны мен өзүм гана түшүнөм. Менин болсо бутум ооруп жатат. А сен келесоо ошо жөнөкөй эле нерсеге мээң жетпей калжырап турасың, – дептир кыжыры келген сабаттуу кошуна.

Бетти даярдаган
ТАЛГАТ ДЕРКЕМБАЕВ

# “Көпөлөктөр өрөөнүн көксөгөн Мурза Гапаров”



Гезитибиздин бул санына Абдыкерим Муратов агайыбыздын “Көпөлөктөр өрөөнүнүн көксөгөн Мурза Гапаров” аттуу эсселер жыйнагынан үзүндүлөрдү жарыялоону туура көрдүк. Эмесе эл жазуучусу Мурза Гапаровдун адамдык жана сүрөткерлик ажарына арнап жазган эсселер сиздердин назарыңыздарда...

## Хемингуэй болбой калган Гапаров

Мурза акани журналист кылабыз деп пайгамбар жашында түрктөрдүн «Zaman Кыргызстан» гезитине сүйрөп келдик. Адегенде чыкыйып жүрдү. Өмүрүндө мойнун буубаган галстук тагынып көрдү, бирби, экиби, макала да жазымыш этти. Биринчи күндөрдө Хемингуэй журналист-жазуучу болгон деп шыктанып да алды. Хем экзотика издеп «кара континентке» кеткендей, мен да бир убакта ошол кишини өрнөк тутуп «дүйнө чатыры» Памирге кеткенмин деди. Эми да эл-жер кыдырып бир эргийм деди. Турмушту өзү көп окуган хемунгуэйчесинен көрүп, шонон кийин жазам деди.

Анан эле гезиттин ишине аралашып, бир аз өтүп, көңүлү ала шалбырттагы адамдын ырайындай айныды. Гезит деген тегирмен да, буяктан сала бересиң, аяктан ала бересиң, тынымсыз жазып, чийип, бирөөлөрдүкүн редакциялап, бираазда эптеп жазылган нерсени пардаздап туруш керек, кыскасы, гезиттин өзүнүн иш ыргагы бар. А Мурза ака андай эмес, аны бирөө тез жаз деп өмүрү шаштырып көрбөгөн, ал киши бир макала жазыш үчүн отурат, бир жума, эки жума, кээде анысын жазбай да калат, жазса да жазганына ичи чыкпайт, гезиттин стилине салып, бизге окшоп, «баратат», «келатат», «болуп өттү...» деп кунарсыз жазгысы келбеди. Өзүнүн жазуу ыкмасын, маданиятын бузуп алып, анан кийинки тагдырын гезиттик стилдин супсак жазууларына тушуктурбады.

Көбүнесе үйдө иштейт. Мурза акадан баш редактор катары биз – же Бектуруш, же мен, суранып калабыз, «бу жөнүндө жазып бериң, а жөнүндө жазып бериң» деп, ал телефондо адегенде баарын кулак салып угат да, анан «ошону жөн эле койгулачы, үкалар» дейт, же «өзүң эле бир нерсе кылып шилтеп салчы, мени кыйнап имне кыласыңар» дейт. Ошентип кутулат, качат. Биз да көнгөнбүз да, уруп жазып таштайбыз...

Мурза акадан журналист чыкпай калды, балким азыркы гезиттердин саясаты да ага тоскоолдук кылгандыр... Бирок ал киши журналистикага келип идея жактан да, стиль жактан да бузулган жок, таза жазуучу бойдон өзүн кармай алды...

## Күнөстүү үй кубанычы

Биз «Zaman Кыргызстан» газетасында чогуу иштедик дебедимби. А киши гезитибизде баш редактор эле. Шондо Мурзаке үйдөн кыйналып жүрдү. 9-кичи райондогу тар бир бөлмөлүү үйдө – «хрушевкада» жашады. Илхам келгенде ашканада жазганын, даараткана да китеп окуганын безилдеп алмайы бар. Аскар Акаевич президент болуп калган жылдары. Экөө бир курдай «Арашанда» бир чайлашканын, анын жубайы Майрам Дүйшөновна анын чыгармаларын жакшы билерин айтып берчү, мени билет дечү. Барыңыз, президентке барыңыз, үй сураңыз дейбиз. Жок дейт. Барбайт. Ошондо дос жазуучулары, Асанбек Стамов, Мелис Эшимканов сыяктуу таанымал адамдар кол коюп, там сурап өлкө башчысына кайрылган. Анысы «Асаба» гезитине да чыккан. Тез эле үч бөлмөлүү үй тийди. Шаар үй башкармалагы бир топ вариантты сунуштаптыр, алардан тандагандай болду. Физприбордун мончосунун атабарында, Таабылды Пудовкин көчөсүндө эле тандаганы. Үйүнө бардык. Эски болгон менен абдан жарык, күн жер үстүнө башбагары менен ушул үйгө тие тургандай пешенеси ачык үй экен. Мурза ака сүйүндү. Жамаатыбыздагы балдар барып көчүрүштүк. Жалаң эле китептер экен. Бул күн тууралуу оо кийин-кийин Галийа жеңебиз: «Андагы бактыбызга чек жок эле. Мурза ака жаңы алган үйдүн эшигин ачып жатып, толкундангандан ачкыч кармаган колу бир аз калтырап, өзү тердеп кетти. «Zaman Кыргызстандын» коллективи өздөрү алгандай сүйүнүп, чемодан-чакаларыбызды кошо ташышып эдиреңдеп жүргөнүбүз эсимден кетпес», — деп. Ошондой болгон. Ошол үйдө көп пьесалары көз жарды.

## Үй демекчи...

Мурза аканин Ноокаттагы айлында жакшы үйү боло турган. Албетте, убагында жакшы болчу. 1972-жылы «Көчө» фильминин сценарийи конкурста сыйлыкка жетип, ага 750 рубль берилип, аны «Кыргызфильм» студиясы 6 миң рублге сатып алып, прокаттан 12 миң рубль жазылып, кыскасы, кармалгандан тышкары 12 миң рубль колуна тиет. Бул агезде чоң акча болчу. Ошого элде жок кылып, кырга, бак арасына бышык кыш менен беш бөлмөлүү үй салат. Ошол жерде отуруп алып, Михаил Шолохов Дон боюнда жазгандай жазамын деген...

Кайдан? Шаардан келе албады. Мурза ака кийинки үй талашты билбей калды. Билсе ал үйдү салмак эмес. Отуз жылга жетпей ошол үй талашка айланып, сотто Мурза Гапаровдун аты кайракайра айтыларын ал киши ошол кезде кайдан ойлосун...

## Тамын уратпаган талант

Биз студент кезде сиз эмне үчүн диалектилик сөздөрдү көп колдоносуз дегендей суроо берилгенде ал киши мен сөз үчүн күрөшөм, ар бир сөз үчүн редакторлор менен урушуп-талашканга чейин барам деди эле. Анын сөз менен иштөөсүн Кеңеш Жусупов 1986-жылдагы бир эссесинде мындай жазыптыр: «Самолётто баратып, М.Гапаровдун жазгандарын эскеремин. Самолёттун терезесинен кең дүйнөгө карайм да, жазуучунун «Байчечекей» деген аңгемесинин каарманы Кыяз эске түшөт. Жазуучу менин азыркы сезимимди эбак жазып койгон: «Самолёт бар болгону элүү мүнөт гана учушу керек эле. Кыяз жол катар терезени карап келди. Бир жылдан бери Фрунзеден эч жакка чыккан эмес. Мына эми шаар, андагы өзүнүн машакаттуу тиричилиги артта, жерде калып, ал өзүн жеңил, эркин сезе баштады. Жазгы жаратылыш анын көңүлүн көтөрдү. Айрыкча, Түндүк менен Түштүктү бөлүп турган тоолордун үстүнөн өтүп баратканда жүрөгү (Кыяздын) туйлап кетти...»

Ушул «Байчечекей» деген аңгемеси «Ала-Тоо» журналына басылганда акыркы төрт сүйлөмү түшүп калганы үчүн М.Гапаров абдан кейип жүрдү. Аңгеме төмөнкүчө бүтмөк: «Тоолордун кары кете элек экен. Жакында кетчүдөй түрү жок. Тоолор бири менен бири туташып, алардын кокту-колоту да жакшы билинбей, агарган бир мейкиндикке айланып, мелтиреп тыптынч жатат. Мейкиндиктин бетинде үзүл-кесил оор булуттар калкып жүрөт». Жазуучу түшүп калган жогорку төрт сап сүйлөмгө эмнеге ушунчалык наараазы?! Миңдеген сөздү оюнан чыгарып тапкан сөз чебери үчүн төрт сап кеппи?! Окуганда алар анчалык деле маани бере турган окуя эмес го?! Башкасы деле чыкса жетишпейби дээрсиз. Кеп мында: М.Гапаровдун искусствого, адабиятка өз өнөрканасына мамилеси ушундай: куду бак өстүргөн багбанга же жез чеккен уз чеберге окшоп, колдогу эмгегине өтө этият, кылдат. Ал ар бир сөзүн, сүйлөмүн, окуяны, кейипкерди орду-ордуна кынаптап, уста кирпич койгондой, ушунчалык бапестеп тизет. М.Гапаровдун «Күнөстүү арал» деген повестиндеги бир сөздүн түшүп калганына кейигенин уктум. Аны жооткотсом, айтканы эсимде: «Эгерде менин үйүмдөн ошончо кышты суурup салса, тамым урап калбайбы!»

## Жазыла элек жакшы чыгарма

Ал айтчу, мен али жакшы чыгармамды жаза элекмин, чыгармачылыктын туу чокусуна чыга элекмин дечү. Ошентсе да «Күнөстүү арал» повестим, ошол эле повесть боюнча жазылган пьесам, «Туздуу чөл» трагикомедиям өзүмө көбүрөөк жагат дечү...

## Түштүн таасири

М.Гапаровдун «Күнөстүү арал» повести бүтүндөй түш – шаардык кыз Жаңылдын жаңгак токоюнда жашагандар тууралуу түшүндө көргөндөрү. Жазуучунун бир китебинин аталышы да «Жаңгак токоюнун жомоктору».

Ал эми түштүн таасиринен улам «Туздуу чөл» пьесасы жазылганын мындай баяндайт: «...Бир жолу мен жаман түш көрдүм. Түшүмдө адам өлтүрүптүрмүн. Анан ал адамдын өлүгүн бир бейтааныш бактын ичине сүйрөп барып, көр казып көмүп салам. Анан өзүм арып-чарчаган денемди бакка жөлөп отуруп калган болом. Ошо кезде катуу жаан жаап кирет. Ал жаан көз алдымда көрдүн топурагын жешилтип, көмгөн адамым ачылып калат. Бул менин айыбымдын ачылганы эле. Мен өзүмдүн күнөөмдү толук мойнума алып, кылган кылмышым үчүн каңырыгым түтөйт. А ойгонуп кеткенден кийин дароо жеңилдеп, ушунчалык сүйүнгөн элем»

## Маарекесиз маанай

Акын Сүйөркул Тургунбаев алтымыш жылдыгын өткөрөт элем деп таза түйшүк тартты, чоңдорго кайра-кайра каттар жазды, анан эле сааты чыкпай улам артка сүйрөлөт.

Анан бир күн Мурза ака айтат: — Сүйөркул эмне кыйналат, Ала-Тоодой эт тартып, дежур калпактардан кийгиси келип атабы, мен дале алтымыш жылдыгымды өткөргөн жокмун, өлбөй эле жүрөм...

## Өлгүм келет...

Мурза ака соңку жылдарда эгемен Кыргызстандагы таланттардын тебеленип, талантсыздардын бааланганына ичи чыкчу эмес. Биздин кимге керегибиз бар дечү... Көзүндө арман турчу. Балким «Өлгүм келет, спонсор керек» деген пьесасы ошондон улам жаралды го деп ойлойм.

## Сырдуу сүрөт

14-июнда Мурза акани акырет жайга узаттык. Узатуу зыйнатында сөз алган Төлөгөн Касымбеков да, Кеңеш Жусупов да сүйлөп атып, ыйлап жатты. Келгендердин көбү ыйлашты. Мурза акенин тик караган сүрөтү гана ыйлаган жок, адамдарга таң кала «Эй, имнеле болуп атасыңар» дегендей тигиле тиктеп турду.

Даярдаган
ТАЛГАТ ДЕРКЕМБАЕВ

# Көк бөрү корридага караганда гумандуу оюн

## Дүйнөлүк этноспорт конфедерациясынын Президентинин катчысы Абдуллах Хазар: "Көк бөрү эркектин чыныгы күчүн көргөзгөн спорт экен..."



Азыркы тапта кыргыздын улуттук оюндары өзүбүздүн мекендештерибизди эле эмес, жакынкы жана алыскы ошондой эле боордош мамлекеттердин өкүлдөрүнүн да кызыгуусун жаратып келет. Буга "Аккула" ат майданында мамлекеттик деңгээлде өтүп жаткан оюндарга өзүбүздүн журтташтар эле эмес, чет элдик ондогон меймандардын келип биздин улуттук оюндарды көрүп кетип жатышы мисал боло алат. Ошондой конокторубуздун бири, дүйнөлүк этноспорт конфедерациясынын Президентинин катчысы Абдуллах Хазар мырзаны кепке тарттык.

**– Кыргызстанга куш келипсиз! Биздин өлкө сизге кандай таасирлерди калтырууда?**

– Рахмат! Биринчи таасирим бул Кыргызстанга келгенде өзүмдү эч чет өлкөлүк катары сезген жокмун. Мен Стамбулдан келдим жана бул жер биздин аталардын жери деп билем. Себеби, түрк элдеринин биринчи чыккан жери Орто Азия болуп эсептелет. Кыргыздын салтына, маданиятына, салттуу оюндарына аябай кызыгам. Кыргызстанга келгенимде өзүмдү маданият жагынан да, салт жагынан да эч чет өлкөлүк катары сезген жокмун.

**– Бул жакка келгенге чейин Кыргызстан тууралуу эмнелерди билчү элеңиз жана келгенден кийин эмнелерди биле алдыңыз?**

– Кыргызстан менен биринчи жолу улуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары аркылуу таанышкам. Түркияда жүргөндө Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынан улам Кыргызстанга өзгөчө (кызыгуум) симпатиям бар болчу. Ал эми бул жакка келгенден кийинки таасирим тууралуу айтып берсем, салттуу оюндарды, маданиятыңарды ушунчалык сактаганыңарга аябай кубандым. Мен өзүм салттуу оюндардын сакталып калуусун аябай колдойм. Ошол эле учурда улуттук оюндарыңардын мамлекеттик деңгээлде өткөрүлүп жатканы мени сүйүнттү.

**– Дүйнөлүк этноспорт конфедерациясынын катчысы катары бул уюмдун ишмердиги, максаты тууралуу айта кетсеңиз...**

– Дүйнөлүк этноспорт конфедерациясынын максаты дүйнө жүзүндөгү улуттук, салттуу оюндарды кайрадан жандандыруу. Бул азыр жалгыз гана Кыргызстанда эмес, Орто Азияда, дүйнөдө салттуу оюндарды популярдаштыруу, кайрадан эл алдына алып чыгуу жана аларды ойнотууну көздөгөн уюм. Андан сырткары, биздин дүйнөлүк этноспорт конфедерациясы экинчи дүйнөлүк көчмөндөр оюндарын өткөрүүдө өнөктөш, жардамчы болууда.

**– Боордош түрк элдеринде улуттук оюндар канчалык деңгээлде өнүгүп жатат?**

– Менин билгеним боюнча азыркы учурда Түркияда жаа атуу боюнча федерация ачылды. Бул федерация жергиликтүү гана эмес, дүйнөлүк деңгээлде да аябай жакшы өнүгүп келатат. Андан тышкары, эски салттуу күрөштүн түрлөрү да азыр сакталуу. Ошондой эле алыш күрөшү дагы бизде акырын-акырындан таанылып, өнүктүрүлүп келе жатат. Алдыдагы экинчи дүйнөлүк көчмөндөр оюнунун алкагында Түркиядан да бул спорттун түрлөрү боюнча катышуучулар келет.

**– Жакында Кыргызстанда экинчи көчмөндөр оюну старт алганы турат. Биринчи көчмөндөр оюнуна да Түркия мамлекетинен өкүлдөр келип кеткен болчу. Айрым серепчилер биринчи көчмөндөр оюнунда уюштуруу иштеринде айрым кемчиликтер кеткен деп баа беришкен. Экинчи көчмөндөр оюнунан өнөктөш, жардамчы жана конок катары эмнелерди күтөсүз?**

– Экинчи дүйнөлүк көчмөндөр оюну азыркы учурдагы аябай чоң долбоор. Ошол эле учурда бул долбоорду уюштуруу иштеринде албетте, мүчүлүштүктөр болот. Андай кемчиликтерди туура эле кабыл алуу керек. Жадакалса, олимпиадалык оюндарда да кагачылыктар кетип калат. Биздин дүйнөлүк этноспорт конфедерациябыздын максаты – келе жаткан оюндарды жогорку деңгээлде өткөрүп, көрөрмандарга жакшы шарт түзүп, сын-пикирлерди эске алуу менен Кыргызстанды жакшы даңкка жеткирүү, аброюн көтөрүү. Көчмөндөр оюндары туруктуу өтүп турса деген үмүттөр бар. Мен бул долбоорго көп катышуучулар келип, эл аралык деңгээлде Кыргызстандын таанылышын каалап кетер элем.

**– Атайы алыстан келип, биздин улуттук оюндарыбыздын жүзү болгон көк бөрүнү көрдүңүз. Бул оюн сизге кандай таасир калтырды?**

– Көк бөрү аябай толкундатып, кан кызыткан спорт экен. Оюндун ар бир минутасын сезип жаттым. Аттардын, оюнчулардын ойногону, эки команданын улакты талашканы аябай бекем стратегиялык даярдыкты, күчтү талап кыла турганын байкадым. Көк бөрү эркектин чыныгы күчүн көргөзгөн спорт экен десем да болот. Бул оюндун Орто Азияда кыргыздардан чыгышы мага аябай нормалдуу жана логикалуу сезилди. Ошондой эле мага бул оюндун күйөрмандары сүйүктүү командаларын бар күчү менен сүрөп турганы да жакты.

**– Көк бөрүнүн эл аралык аренага чыга албай жатышына эмнелер тоскоол болуп жатат деп ойлойсуз?**

– Менин оюмча, түрк калкы илгертен бери ат жалында чоңоюп, жылкы менен жашоо-тиричилигин өткөрүп келгендиктен бул оюн ушул жерде пайда болду. Бирок тилекке каршы, азыркы мезгилде дүйнө жүзүндө жылкы менен тирилик кылуу кескин кыскарып, ат оюндары азайды. Оюндун жергиликтүү деңгээлде калып жатышынын бирден-бир себеби ушул деп ойлойм.

**– Сиздин оюңузча коррида менен көк бөрүнү теңеп болобу?**

– Көк бөрү корридага караганда гумандуу оюн деп эсептейм. Анткени улак тартыштын аркасында терең философия бар. Ал эми корридада болсо чындап эле жаныбарды кыйноону көрөсүң. Анткени Испаниялыктардын корридасы жаныбарды агрессивдүү абалга алып келип, киши менен жаныбардын мамилесин бузат.


**– Кыргыздын улуттук оюну көк бөрү Түркияда да ойнолобу? Эки мамлекет ортосунда тилектештик оюндарын уюштуруу пландары барбы?**

– Түркиянын Ван жергесинде кыргыздар байыр алышкан. Алар Түркия атынан көк бөрү командасын куруп жатат. Алар жакында, айдын он бештеринде келип бул жактан оюн эрежелерин өздөштүрүп көчмөндөр оюнунун алкагында Түркиянын намысын коргошот. Бул көк бөрүнү Түркияга жана боордош өлкөлөргө жайылтууга таштаган биринчи кадам деп эсептейм.

**– Маегибиздин соңунда сизге эркин сөз бергим келип турат...**

– Дүйнөлүк этноспорт конфедерациясынын атынан бизди чакыргандыгыңыздар үчүн аябай ыраазычылыгымды билдиргим келет. Кыргызстандагы чоң иш-чараларга түрк мамлекеттеринин өкүлдөрү келип катышып, Кыргызстан да Түркияга барып катышып, бири-бирибиздин каада-салт, маданиятыбызды, оюндарыбызды жакындан билип, достук алакабыздын чыңдалышын каалайм жана терең ыраазычылык билдирем!

РАХАТ АКМАТОВА



Кыргыздын Көк бөрү оюну



Испандык коррида

# Молдого ысытма окутсам күнөө болбойбу?



Атактуу аалым Чубак ажы Жалиловго суроолоруңуздарды **SMS** же **Whatsapp** аркылуу **0773-61-54-87** номуруна жибериңиздер!
***Эскертүү: аталган номур Чубак ажыныкы эмес***

**1) Мен намаз окуйм, жолдошум окубайт. Үйүбүз бар, бирок жолдошум "кредит алып там салам" деп жатат. "Кредитти сага жаздырып алам" дейт. Арак да ичип коёт. Эмне кылсам болот?**
**Нарын, Асылзат**

Ж: Кудай Таалам намазыңызды кабыл кылсын! Эгерде жашап турган үйүңөр бар болсо, анда кредит менен там салууга эмнеге кызыкты экен, кургур киши? Кредит (сүткордук) арам, арамдын түбү жакшылыкка алып барбайт. Сүткордукка аралашкан кишиге Алла Тааланын жана анын пайгамбарынын согушу болот дейт касиеттүү Куран. Атыңызга жаздырсаңыз сиз да шерик болуп каласыз сүткордук арам ишке. Кээ бир адамдар "күнөөнү өз мойнума алам, сага эч нерсе болбойт" деп алдашат. Алданбоо керек. Кредит алам деп азырык үйүнөн ажырап калбасын. Артык кылам деп тыртык кылыптыр деген кеп бар.

Ал эми арак боюнча кеп башка. Арак бүтүндөй жамандыктын энеси. Аны ичкен оңбойт.

Сизге берээр кеңешим, сабыр кылыңыз. Сабырдын түбү сары алтын. Сабырдуу жетээр муратка, сабырсыз калаар уятка. Дуба кылсаңыз, куйөөңүздүн оңолуусун чындап кааласаңыз, ниет кылсаңыз баары ордуна келет.

**2) Кыдыр ата деген ким, устаз?**

Ж: Динибизде сиз айтып жаткан Кыдыр ата аль Хадир, аль Хыдир, Хадир жана Хыдир деген наамдар менен наамдалат. Араб тилиндеги мааниси жашыл түстү туюнтат. Имам Бухарийдин риваятында Кыдыр ата такырайган жерге олтуруп, туруп кеткенден кийин ошол жерге чөп чыгып, жашылга айланган. Мына ошондон улам. Жашыл деген маанини туюнткан лакап жабышкан (Фатхуль баарий 6\309).

Мусулмандардын бардыгы ал кишинин аты айтылганда, пайгамбарлардын атына кошулуп айтыла турган "алайхис салам" деген салаватты кошуп айтууну адатка айландырышкан.

Кунясы Абул Аббаас экендигине "Исаабанын" айтуусунда талаш жок (2\115).

Качан туулгандыгы туурасында өтө көп риваяттар айтылат. Кээ бирлери Адам алайхис саламдын баласы дешсе, башкалары ал кишинин небереси Кубулдун уулу дешет. Айтор, ар кандай уламыштар айтылат. Бирок илимий таразага салганда күрөккө тургус алсыз риваяттар деп баа берилет.

Кээ бирлер аны периштелердин бири деп таанышат. Имам Сухейлийдин риваятында, бир канча адамдар аны периштелерден деп айткандыгы айтылат. (Иршаадус Саарий 5\384). Имам Нававий бул риваяттын туура эмес экендигин белгилеген (аль Мажмууь 5\305).

Дагы бир жамаат аны пайгамбар эмес, жөн гана олуя пенде, Кудай Тааламдын сүйүктүү пенделеринен болгон деп ишенет (Тафсир Ибну Касир 3\99).

Көпчүлүк аалымдарыбыз аны пайгамбар болгон деп таанышат. Муфассир Абу Исхак Саьлабий айтат: "Хыдир алайхис салам – айтылган бардык риваяттарга карабай, узак өмүр берилген, көзгө көрүнбөгөн пайгамбар!" (шарх Сахих Муслим 15\136).

Ал киши азыр деле тирүүлөрдүн катарындабы же кандай деген суроо боюнча аалымдар эки түрдүү пикирде: Ибну Таймия жана башкалар аны азыр жок, ал каза тапкан деп айтышат. Ал эми Умар бин Абдулазиз баштагандар аны дале тирүү деп айтышат. Сопулардын дээрлик бардыгы, анын ичинде карапайым элдин басымдуусу ал кишини азыр деле биздин арабызда жүрөт, бирок, бизге көрүнбөйт деп айтышат.

Кыдыр ата тууралуу жазылган китептерден эки китепти сизге сунуш кылат элем. 1-"Исмидул айни" Абдулла Гумарий – 2 "Аль Хадир" Мухаммад Хойру Рамазан Юсуф. Валлооху аьламу.

**3) Жубайым менен ажырашып кеткем. Ал азыр Москвада. 2 уул, 1 кызыбыз бар. 3 жылдан бери балдарым менде. Балдарды бер деп жатат. Бербей койсом болобу?**

Шариат боюнча балдар жаш курагында энесинде болот. Эркек балдар даараткканага кирип чыкканга жарап калгандан кийин, атасынын колуна барат. Андан эркектин тарбиясын алат. Ал эми кыздар балагатка жеткенден кийин атасынын колуна барат. Атасы урмат-сыйы менен турмушка чыгарат. Ага чейин энесинен аялдык тарбияны алат. Бардык учурда балдарды каржылоо атанын милдети болуп кала берет.

**4) "Орозонун башталышын биринчилерден болуп сүйүнчүлүгөнгө тозок оту арам болот" деген хадистин канчалык чындыгы бар?**

Ж: Менин билишимде мындай хадис жок. Менин билгенимен билбегеним көп экенин унутпасаңыз экен.

**5) Жолдошумдун акыркы күндөрү мага кылган мамилеси начарлоодо. Аргам калбай баратат. Молдого ысытма окутсам күнөө болбойбу?**

Ж: Ысытма – ысык тамак, ысык төшөк, ысык-жылуу сөз жана ысык мамиле менен болот. Кудайга дуба кылып, жашоону Пайгамбарыбыз көрсөтүп бергендей жашоо менен ысык жашоо ишке ашат. Молдо деле дуба кылат. Маселе кимдин ыкласы көбүрөөк болуп, амалы Кудайга сүйүктүүрөөк болуп, кабыл болууга ыктымалдуулугунда турат.

**6) "Чач тарачта" кыркылган чачтарыбыз таштандыга кетет экен. Бул кандай болуп калат?**

Ж: Каалсаңыз чачыңызды топтотуп, желим баштыка салып алсаңыз деле болот. Чачты жерге көмгөн жакшыраак. А бирок, ошол жерден таштандыга ташталса деле зыяны жок.

**8) Айымдардын жынсы шымын мекендештерге сатсак болобу?**

Ж: Боло берет. Анткени ар ким ар кандай максатта пайдалануусу мүмкүн. Бирөө үйүндө кийсе, башка бирөө белекке берүүсү, ал эми үчүнчүсү чапандын ичинен кийүүсү мүмкүн. Андыктан аны сата берүүнүн зыяны жок.

**9) Карыздан кутулуучу дуаны айтып койсоңуз, устаз?**

Ж: "Аллоохумма икфинии би халаалика ьан хараамик, ва агнинии би фадлика ьамман сиваак!"

**10) 4 балабыз бар. Жолдошум арактан башы чыкпай калды. Кантип таштатсак болот?**

Ж: Ислам университетинде Молдо Хашым дамбылдага келип жамгырдын суусуна дем салдырып, ичирсеңер жакшы болот, насип кылса...

**11) Намаз окуйм, бирок Нарында курулуп жаткан "АГАХАН" университетинин курулушунда иштеймин. Алган айлыгым адалбы?**

Ж: Макрух болуу менен дурус. Макрух дегенибиз азыр ал мусулман эмес жамаатка тиешелүү жай. Дурус дегенибиз "кул жеймин дейт куйрукту, кудай билет буйрукту", ким билет, балким куруп бүтөөрү менен алар келген жерине кайтып кетип, ордуна Ханафий мазхабын окуткан медресе болуп калаар.

**13) Үйлөнгөн эркектер тойлордо кыздар менен бийлегени кандай? Жубайынын акысына кирип калган болбойбу?**

Ж: Үйлөнгөнү деле, бойдогу деле намахрам кыздар, аялдар менен бийлегени арам. Шариат жол бербейт.

**14) Эркек киши сөзсүз үйлөнүп, аял киши сөзсүз турмушка чыгыш керекпи?**
**Москва**

Ж: Сүннөт.

**15) "Жентек той" өткөрбөй, бир койду медресеге берип койсо болобу?**

Ж: Болот. Медресеге союп жеш шарты менен берсеңер болот. Медресе аны сатып өз муктаждыгына жумшап жиберсе, акыйка-жентекке өтпөй калат. Кой союлуусу шарт.

**17) Жолдошум Москвага кетип жатып "сенин жообуң, өзүң каалаган убакта кете бер" деген. Кийин көп өтпөй, Москвага чакырып калды. Азыр чогуу жашап жатабыз. Кандай болот?**

Ж: Жогорудагыдай сөздү айтканда сиз ошол укугуңузду пайдаланып, өзүңүзгө талак койгон эмес болсоңуз, анда талак түшкөн эмес.

**18) "Илимди китеп уурдап болсо да ал" деген агайыбыздын насаатын уккан элем. Кийин мен да бир Куран китебин алып, азыр аны окуп жүрөм. Агайыбыз сураганда "билбейм" деп койгом. Эмне кылуум керек? Агайга кайрып беруүм керек болсо, аны таппасам эмне кылам?**

Ж: Китеп уурдаган да күнөө. Эгер китептин баасы он дирхамдан (жети миң сомдон) аша турган болсо, кол кесилет жаза катарында. Кайрып бер, кечирим сура. Таппасаң тооба кыл.....

**19) Үй-бүлө кургум келет, бирок ата-энем 2-3 жылдан кийин үйлөнөсүң дейт. Үйлөнбөй туруп күнөөгө батып аламбы деп корком. Эмне кылсам болот?**

Ж: Анда, үйлөн. "Карыз алып катын ал, катын жанга калат, карыздан кутуласың" деп бир устазыбыз айткан эле илгери.....

**21) Курандагы аял кишинин аттарын айтып коюңузчу, устаз?**

Ж: Куранда бир эле "Марьям" энебиздин аты ачык келген. Андан башка аялзатынын аты келген эмес. Ал эми "Аасия" деген ат эмес, лакап. Фираундун аялы деген мааниде колдонулат. Андан башка Саара, Хаажар деген сыяктуу ысымдар хадистерде айтылган.

**24) Саламатсыздарбы? Мен хиджап кийип оронбосом да, жүрөгүм менен ишенип, келме келтирген адамдардын катарындамын. Бүгүн бир окуя болду. Бир кошуна кыз каза болду эле (асынып өлдү) аны жерге бергенден кийин жакын туугандары боз үйдүн ичинде аза күтүп ыйлайт эмеспи. Бирок бүгүн анын апасы келген адамдардын баарына "ыйлабагыла, кызым сурак берип алсын. 3 күн ыйлабагыла, кызым чыныгы жашоого кетти" деп эч бир адамды ыйлатпай койду. Менин түшүнбөгөнүм, эмнеге апасы ыйлаган жок. Деги бул Кудай алдында кандай жорук?**

Ж: Шариатта өкүрүп-бакырып ыйлоо күнөө. Бирок, дили кейип, ырайымы келип чындап, долуланбай ыйласа, ага каршылык деле жок.

**25) Мен таксыга экинчи аялы болуп нике кыйдырып жашагам. Азыр кызыбыз 4кө чыкты. 2 жылдан бери дайны жок, келбейт. Телефон аркылуу да байланышпайт. Эмне ичип, эмне кийип жашаганым менен иши да жок. 2-аялды жигин билгизбей алса болот деген хадис барбы? Буларга деги сурак болобу? Муфтият тарабынан тизгиндесе болобу? Управа есть на них вообще? Сизге ээрчитип барайын десем келбейт. Үйүнө бара албайм, себеби ачыкка чыккан эмеспиз. Башың бош, башкага тий деп айттырып жибериптир. Ошондо мага талак түшкөн болуп калабы? Өзүнүн аялы чалма деп карабай жүргөндө алма деп тосуп алсам, эми үстү башы тазарып калса жакшы көрүнсө керек, аялы жибербей жаткан имиш. Кандай кылам? Кызым "атам качан келет?" деп сурай берет.**

Ж: Аялы чалма деп карабай жүргөндө сиз алма деп тосуп алсаңыз, алма быш, оозума түш болгон экен. Мурда ачыкка чыкпасаңыз, эми ачыкка чыгыңыз. Барып, күндөш менен таанышып, маселени бир тарапка чечип алыңыз. Кызды жетелеп алыңыз.

# Зүпермен көп, Битмен жок

*Жөргөмүш минип жөргөлөп,*
*Кууп жүргөн Кумурзстан.*
*Кутурганды куткарбай,*
*Кууп жүргөн Кумурзстан*
*(Кумурзстан дастандарынан)*

Башкуяда иш чатак. Жаз келгенден бери бүчүр талашып атышабы, же күкүм талашып атышабы, айтор Саксагай аттуу корбашы менен Колба аттуу корбашы чатакташа баштады. Булар дагы кызык. Бирок тинттер муну билбейт. Башка кумурскалар көрүп, «мына, мобу» деп көргөзүп атса деле «Кана? Кана?» деп айланып-тегеренип тура беришет. Тинт болгондон кийин кумурска кумурскалыгынан тайып, бит жээр, кит жээрге айланып кетет деген кеп бар эле, кыязы көздөрү да көрбөй калат окшойт. Бирок көрбөйт дейин десең, кээде балээнин баарын көрөт. Жол боюндагы чөп-чардын арасына жашынып алып ары-бери коңуз минип өткөндөрдү караса балээдей көрөт. Бирди жарым бала-бакыра байпак-сайпак уурдаса тим эле шимшилеп жүрүп, кийип жүргөн бутунан таап чечип алышат. Мына кечээ эле Хахун Бай көчөсү менен Мираш көчөсүндө коңуздар тыгылып калды эле тинттер «айланайын ай, айланайын» деп айланып гана кетип калышты.

Анткени менен Кумурзстанда зүпермендер көбөйүп баратат. Так ошол Хахун Бай менен Мирашта да бир зүпермен турду. Андан мурун Маскуяда бир Кумурзстандык зүпермен бир ургаачыны жылдыз куртка тебелетпей куткарып калган. Андан кийин Битерде да эки Кумурзстандык зүпермен кумурчакты суудан сузуп чыгышты. Кыскасы, зүпермен көбөйүп баратат.

А тиги Мегс Турги жакшы эле битмен болоюн дейт, бирок окшошпойт. Же берки тинттери да окшошпойт. Атын алмаштырып көрдү, экөөнө үчөөнү кошуп көрдү, үчөөнө бирөөнү кошуп көрдү. Жок. Баягыл эле. Битмен тургай көлөкөсү жок. Көчөлөрдө тартип сактаган, ууруларды кармаган, кумурскаларды өлүмдөн алып калгандар баягыл эле зүпермендер. Ал тургай Сарткуянын кумурскаларын деле ушул зүпермендер тумшукка коюп кубалап чыгып жүрүшөт.

Сарткуя демекчи бул талаанын кумурскалары өтө чатак болду. Түксүйгөн каш-кирпигинин арасына бүтүндөй эле жин кирип алгандай, тим эле ачуулары чукул чукчуңдап. Илгери буларды сыйчыл, кичипейил дешчү эле, көрсө, ал жөн эле паранжасы экен. Накта түк баскан бети нары жакта турбайбы. Мына ошолор коңшу экенин карабай, өлөмүн деп санабай, жолду тосуп жопоңдоп, тоону тосуп топоңдоп калчу болду. Кой дегенге болушпайт, чырлуу сөзүн коюшпайт. Аны деле алам дейт, муну деле алам дейт. Аны деле келе дейт, муну деле келе дейт. Жанагы жууда деген кумурскалар бар. Пластин уясын бузуп туруп, Изруя деген жасалма уя куруп алышкан. Ошолор «бу жер бетиндеги болгон-бүткөндүн баары биздики. Башкалар убактылуу колдонуп атат» дешет экен. А бу Сартуялыктар Кумурзстандын баары биздики деп ойлошот окшойт. Ой деген күлүк тура. Колуна кетменин кармап беш теше жерине суу жайып отуруп чаарала допусун аркага түртүп коюп кыялдана беришсе керек. Бирок Кумурзстандын зүпермендери алардын оюнан да күлүк. Эзелтен жөргөмүштү жайдак минип чоңойгон булар. Жер жайнаган жөргөмүшүн жөргөлөтүп чыкчу болсо, сарткуялыктардын каш-кирпиги агарып кетер, чиркин.



ЧЫНДЫК АЙТПАСОВ
(Бардык окуялар жана каармандар ойдон чыгарылды)

# Мастандын энесин издегени

***(Уландысы)***

Бала ушуну ойлоп турганда жанагы кирген кемпир алда немеден шектенгендей эки жагын каранды да ызырына сүйлөдү.

– Бул жерде адамдын жыты жыттанат го я?!

Бөлмөдө отурган бою бир карыш, сакалы миң карыш эргежээл Мыртыкыйдан баштап, күркүрөгөн аюуга чейин коркконунан бүжүрөп кетенчиктей түштү. Ал тургай жанатан тополоң салып аткан Чокчолой баатыр да көзүн жалдыратып бүрүшүп жатып берди. Ал эми Мастан кемпир болсо эмне дээрин билбей, кыйпылыктап калды. Баса, ал бирдеме деп сүйлөп да жибере жаздады. Балким, «мен бир баланы уурдап келип катып койдум эле» деп айтып да жибермек беле, ким билсин. Бирок, так ушул убакта наркы караңгы бурч жактан казан-аяк шарактап кулап, шагырап сынып, жер жайнап жатып калды. Ансыз да коркуп турган жомок каармандары чочуганынан бир сыйра дүрбөлөң түшүп, жашынаарга жер таппай уу-дуу болуп кетти. Бечара ак куу майрык түгөйүн унутуп далбактай учту эле, Бака баатыр кайда качаарын билбей, көзүн тостойтуп чалкасынан кулап түштү. А жанагы суйкайып сулуусунуп турган перинин кызы болсо бурчта үрпөйүп турган аюунун мойнуна бекем жабышып отуруп калды. Аюу бечара көзүн бекем жумуп, лапыйган алаканы менен башын басып жатып калыптыр. Ачылып турган эшиктен баягы дөөнүн кичүү баласы карап турду эле, ал өңгүрөп ыйлаган бойдон дүңкүлдөй чуркап качып кетти. Кыскасы, Жез тумшуктан башкасы бүт бойдон туш тарапка качабыз деп атып аз жерден мастан кемпирдин эски кепесин кулатып койо жаздашты. Эми ого бетер ачуусу келген Жез тумшук жанагы шарактаган жакты карап айкырып койо берди.

– Өлүп бараткансып казан-аякты аралап жүргөн кандай неме?!

Кепедегилердин баары орундарынан карыш жылбай, титиреп туруп беришти. Баары тең корконунан көздөрүн жумуп алыптыр. Ал тургай кай бири ыштанын да булгап жиберди окшойт. Тигине, кайран көк жал кашабанын алдынан сапсары суу бери карай шорголоп агып чыкты. Ушул ушунча коркуп аткан соң башкалар кантти дейсиңер? Айтпадым беле. Перинин кызы купкуу болуп эсинен танып кулап калды. Майрык бака болсо жанагы чалкасынан кеткен бойдон тура элек. Ал тургай сунулган буттарын жыйнаганды да унутуп калган окшойт. Же өлүп калганбы? Айтор, кыймылсыз жаткандар жаткан.

– Ким дейм казан аякты калдыраткан? – деп ого бетер чаңырды Жезтумшук.

Ушул кыйкырыктан кийин бир саам тымтырстык болду да кимдир бирөө ошол караңгы бурч тарaптан улуп-уңшуп ыйлап жиберди.

– Жаагың сынгыр куу түлкү сенсиңби? Бери кел бул жерге! – деди жез тумшук.

Бечара түлкү ого бетер шолоктоп ыйлап, түпкүчтөй ийилип куушурулган бойдон кемпирдин алдына келди. Жез тумшук тигил жакындаары менен шап эткизе желкеден кармап жогору көтөрдү да,

– Өө-ф иий, сасыган өлүгүңдү көрөйүн. Тим эле киши болуп кетейин дегенсиң го. Баягы эле кекиртегиңдин айынан элдин короосуна чейин кирип жүргөн экенсиң да э?! Ошо, ким эле адам жыттанып атат десе. Бар жогол! Экинчи көзүмө көрүнбө! – деп туруп калчылдап турган түлкүнү ачык турган эшиктен сыртты карай ыргытып жиберди. Бечара түлкү аман калганына сүйүнүп, ошондон нары жок болду.

– Сасыган акмактар! Мен силерди адамга жолобогула деп канча айтам! – деп баарын зекиди жез тумшук. – Менин адамдарга бүтпөгөн кегим бар экенин унутуп калдыңарбы же? Апамды да, агамды да аң уулап жүргөн кишилер өлтүргөнүн билбейсиңерби?

Баары тең унчукпай угуп тура беришти. Жез тумшук аларды чай кайнамдай урушуп, жер-жеберине жеткире тилдеди. Качан гана өзү чарчаганда бери жакта турган мастан кемпирдин сокусун оодара салып үстүнө отурду.

– Ии, мастан, сага эмне жетпей калды бул жалганда? Же өзүңдү мага тең санап, баш ийгиң келбей калдыбы? – деди ал бир аз ачуусу тарагансып. Бирок, анын какшыктай сүйлөгөнүндө дагы эле чоң коркунуч бар болчу.

– Жок, жок кокуй! Кайдагы тең санаган?.. Мен.. мен неме... Мастан кемпир сүйлөөргө сөз таппай кайсалап жатты.

– Эмне мен?! Эмне мен?! Сен экениңди билип атам? Мен силерге сыйкырыңарды колдонбогула. Токойдон чыкпай, адамга жолобой тынч жашагыла деп айтпадым беле?! Же адамзат күч алып турганын, илгеркидей сыйкыр менен, алдамчылык менен аларды жеңүүгө болбой калганын унутуп койдуңбу? Азыр сенин айыңан канчабыз запкы жешибиз мүмкүн, ушуну эстедиңби? – деп күчөнө кыйкырды жез тумшук. Баса, ушул учурда Жез тумшук бетин ачып, так эле баланын маңдайында отургандыктан анын бети даана көрүндү. Шумдугуң кур оой! Чын эле бети башы сапсары жездей жалтырап, көздөрү аткыйып, тиштери арсайып турат экен. Колундагы тырмактары дагы шамшар бычактай упузун болуп, сапсары мизи көз уялта чагылышат.

– Унуткан жокмун. Унутпай калайын. Бирок мен... мен деген... – деп ого бетер айтаар кебин таба албай кекечтенди мастан.

– Эмне мен? Эмне? Айтчы батыраак!

– Мен энемди табайын деп. Энемди көрүп...

– О энеңди урайын сенин! Адамдын арасында кайдагы энең я?! Билип койгун! Бүгүнтөн баштап сен үчүн бул токойдо орун жок. Мен сыйкыр колдонбогула деп айттым беле? Айткам. Болгондо да катуу эскерткем. А сен болсо аны уккан жоксуң. Эми сенин айыңдан башкалар зыян тартпашы керек. Андыктан тез арада бул жерден жоголгун! Ай толгонго чейин жер бетинен жок болуп кет. Тигине, ай турат айга бар.

***(Уландысы бар)***

НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ



# КАЙРЫЛУУ

*Жарандык коом шайлоочулардын добушун сатып алууга бөгөт коюу үчүн жалпы улуттук диалогго чакырып Президентке, Жогорку Кеңешке, саясий партияларга кайрылат*

## Добуштарды сатып алуу – Кыргызстандын келечегине коркунучтуу!

Шайлоолор Республикалык мамлекеттик түзүлүштүн пайдубалы болуп эсептелет. Ушундан улам барган сайын коркунучтуу жана системалуу мүнөзгө ээ болуп бара жаткан добуш сатуу жана сатып алуу көрүнүшү кыргыз мамлекеттүүлүгүнө балта чабууда. Бул албетте акыр-аягы элди мамлекеттин суверинитетин сактоо жөндөмүнөн ажыратат

Президентибиз Алмазбек Атамбаев таза шайлоолор мамлекеттик органдардын легитимдүүлүгүнүн негизи экенин билип, шайлоонун жүрүшүн мүмкүн болгон бурмалоолордон тазалоо максатында заманбап техникалык шаймандарды колдонуу демилгесин көтөрдү. Шайлоочулардын тизмесин түзүү жана жарандарды биометрикалык өзгөчөлүктөрдүн негизинде аныктоо, автоматтык эсептөө жүргүзгөн кутуларды колдонуу шайлоо комиссияларынын добуштарды бурмалоо мүмкүнчүлүктөрүн азайтты. Бирок буга чейин ниети бузук талапкерлер шайлоо комиссияларын сатып алып келген болсо, учурда алар шайлоочуларды топ-тобу менен сатып ала башташты. Мурунтан көйгөйлөрдүн бири болуп келген шайлоочуларды сатып алуу эми негизги жана эң кооптуу коркунучка айланып турган учур.

2015-жылдагы Жогорку Кеңешке шайлоо учурунда шайлоочуларды сатып алуу фактылары боюнча Президент өз тынчсыздануусун билдиргени менен бир дагы парламенттик фракция же парламенттен сырткаркы саясий күч шайлоочулардын добушун сатып алуу бетпактыгын айыптаган жок. Шайлоо мыйзамынын бузулуусунун бардык түрлөрү менен күрөшүүгө милдеткер укук коргоо органдары, соттор, прокуратура, Боршайком жана шайлоо комиссиялары өздөрүнүн добуш сатып алууга бөгөт коюудагы тикелей милдеттеринен баш тартып турушат. Эч кимдин жоопкерчиликке тартылбоосу алардын иштебегенин далилдейт. Ошол эле учурда добуш сатып алуу бардык жерде болгонун шайлоо субъекттеринин баары моюндашты. 2015-жылкы шайлоодогу мыйзам бузуулар боюнча эч кандай чара көрүлбөгөндүктөн, шайлоочуларды сатып алуу кылмыштуу адаты 2016-жылдын март айында өткөрүлгөн жергиликтүү шайлоолордо корунучтуу деңгээлге чыкты. Учурда укук коргоо органдары добуш сатып алууга шектүүлөрдөн акча опузалап жаткандыгы тууралуу имиштер тарай баштады.

Шайлоолор Республикалык мамлекеттик түзүлүштүн пайдубалы болуп эсептелет. Коркунучтуу жана системалуу мүнөзгө ээ болуп бара жаткан добуш сатуу жана сатып алуу кыргыз мамлекеттүүлүгүнө балта чабууга шарт түзүүдө. Саясий күчтөрдүн аракеттери жана мамлекеттик органдардын көз жумду мамилеси менен улуттук рух кирдеп баратат. Буз сөзсүз элди мамлекеттик суверинитет ташуу жөндөмүнөн ажыратат.

Жарандык коом Президентти, Жогорку Кеңешти, бардык саясий күчтөрдү шайлоочулардын добушун сатып алууну токтотуу үчүн биргеликте аракет кылууга чакырат жана бул маселени Туруктуу өнүгүү боюнча улуттук кеңештин кезектеги отурумунун күндемине киргизүүнү сунуш кылат.

«Демократия жана жарандык коом үчүн коалициясы», «Таза шайлоо» ассоциациясы


**"Кут билим" окуу-тарбия комплекси 2016-2017 окуу жылына окуучуларды кабыл алуу сынагын жарыялайт !!!**




| Аймактар | Сынак өткөрүлүүчү убакыт | Сынак өткөрүлүүчү жер |
|---|---|---|
| Чүй | 23.04.16 | Байтик а. "Кут Билим" |
| Ош | 07.05.16 | Ош ш. "SECOM" |
| Нарын | 16.04.16 | Нарын ш. "SECOM" |
| Ысык-Көл | 19.04.16 | Каракол ш."SECOM" |
| Жалал-Абад | 07.05.16 | Ош ш. "SECOM" |
| Баткен | 07.05.16 | Ош ш. "SECOM" |
| Талас | 16.04.16 | Талас ш. "SECOM" |

Байланыш тел:
0771311334
0778166177
0557253527

Дареги:
Чүй облусу,
Аламүдүн р-ну,
Байтик айылы



### САПТЫК ЖАРНАМАЛАР

Сантехникага тиешелүү бардык иштерди жасайбыз.
0 700 84 83 63, 0550 84 83 63

Даяр үйлөр. Келишим сом менен. Төлөм 20 айга чейин. Баасы чарчы м.ге 52.000 сом.
0312 896-992, 0 777 390-681

Бишкектен бөлүп төлөө шарты менен 2 бөлмө батир сатып алам. 20 миң доллары нак, калганын келишим боюнча.
0773 05 57 00, 0703 15 08 15

Тез арада 3 бөлмөлүү батир сатабыз! Аянты 102 чарчы м. Баасы болгону 39 000$ (1 ч.м. = 382$). Базарда мындай баа жок.
0709 799 232

ЭВАКУАТОР БИШКЕК. 0772 13 62 33, 0700 71 61 44, 0553 80 22 02. 24 СААТ

Шагыл, кум, таш, топурак ж.б. ташуучу Камаз кызматы. Байланыш телефону 0 707 89 04 34



**Ислам принциптери менен каржылоо боюнча маалымат алгыңыз келеби?**



«Исламий чакан каржылоону шыктандыруу» долбоорунун **акысыз** семинарларына катышыңыз!

**Тел.: 0707 08 84 43, 0312 88 09 63**

AIF Бул долбоор Ислам каржы ассоциациясы менен биргеликте ишке ашууда



**Балдар үчүн жаңы жомоктор! Түстүү сүрөттөр менен коштолгон. Бишкек шаарынын жер асты өткөөлдөрүнөн (Филармония, ЦУМ тарабтагы), Нуска дүкөнүнөн жана "Дилазык" китеп дүкөнүнөн алсаңар болот!**

